# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 2

## *«Акцияларга негизделген төлөмдөр»*

## Максаты

1 Ушул ФОЭСтин максаты *акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларды* жүзөгө ашыруучу ишкана үчүн финансылык отчеттуулукту түзүү тартибин белгилөө болуп саналат. Атап айтканда, ал ишканадан акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын таасирин, анын ичинде алардын учурунда кызматкерлерге *акцияларга опциондор* бериле турган операциялар менен байланышкан чыгашаларды пайданын же зыяндын курамында жана финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырууну талап кылат.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ишкана ушул ФОЭСти алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн бардыгын же айрымдарын гана ишкана идентификациялай алаарына же жоктугуна карабастан акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча төмөнкүдөй бардык операцияларды эсепке алуу учурунда колдонууга тийиш, анын ичинде:

(a) *үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар;*

(b) *акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар*, жана

(c) алардын учурунда ишкана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алган операциялар жана макулдашуунун шарттары ишканага же бул товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүгө шарттарды берет, ага ылайык ишкана операция боюнча эсептешүүлөрдү акча каражаттары (же башка активдер) менен же болбосо үлүштүк инструменттерди чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырат,

3А–6-пункттарда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, ушул ФОЭС ошондой эле, эгерде товарлар же кызмат көрсөтүүлөр алынганын (же алынаарын) башка жагдайлар көрсөтүп турса, конкреттүү идентификацияланууучу товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жок учурда колдонулат

3 [Алып салынган]

3А Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча эсептешүүлөр товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан же сатып алып жаткан ишкананын атынан топтун башка ишканасы (же топтун ар кандай ишканасынын акционери) тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. 2-пункт ошондой эле төмөнкүдөй ишкана жагынан колдонулушу мүмкүн:

(a) ошол эле топтогу башка ишканада (же топтун ар кандай ишканасынын акционеринде) акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү милдети болгон учурда товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан; же

© ФОЭС Фонду

(b) ошол эле топтогу башка ишкана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан учурда акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө милдети бар,

буга операция товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишканага берилүүчү, аларга акы төлөө максатын көздөбөстөн бир жактуу жүргүзүлгөн учурлар кирбейт.

4 Ушул ФОЭСтин максаттары үчүн ишкананын үлүштүк инструменттерин кармоочу катары иш алып барып жаткан кызматкер (же башка тарап) менен операция акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция болуп саналбайт. Мисалы, эгерде ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттеринин айрым түрлөрүнүн бардык кармоочуларына алардын адилет наркынан аз баа боюнча ишкананын кошумча үлүштүк инструменттерин сатып алууга укук берсе жана кызматкер ушундай укукту алса, анткени ал ушул айрым түрдүн үлүштүк инструменттерин кармоочу болуп саналса, анда ушул укукту берүүгө же ишке ашырууга карата ушул ФОЭСтин талаптары колдонулат.

5 2-пунктта белгиленгендей, ушул ФОЭС алардын учурунда ишкана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган же алган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулат. Товарлар запастарды, чыгым материалдарын, негизги каражаттарды, материалдык эмес активдерди жана башка финансылык эмес активдерди камтыйт. Бирок ишкана алардын учурунда, *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3тө (2008-жылы кайра каралган) аныкталгандай, ишкана товарларды бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган таза активдердин бир бөлүгү катары сатып алган операцияларга, ФОЭС (IFRS) 3түн B1–B4-пункттарында айтылгандай, жалпы контролдук астында турган ишканаларды же бизнестерди бириктирүү учурунда же, *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11де аныкталгандай, биргелешкен ишкананы түзүү учурунда бизнес төгүмүндө ушул ФОЭСти колдонууга тийиш эмес. Тиешелүү түрдө, сатып алып жаткан ишканага контролдук кылуунун ордуна бизнестерди бириктирүү учурунда чыгарылуучу үлүштүк инструменттер ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирбейт. Бирок, сатып алып жаткан ишкананын кызматкерлерине алар кызматкер катары иш алып барып жатканда берилген (мисалы, улантылып жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна) үлүштүк инструменттер ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирет. Бизнестерди бириктирүүгө же өздүк капиталын башка кайра түзүмдөштүрүүгө байланыштуу *акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулардын* шарттарын ушундай токтотуу, алмаштыруу жана башка өзгөртүү ушул ФОЭСке ылайык эске алынууга тийиш. ФОЭС (IFRS) 3 бизнестерди бириктирүү учурунда чыгарылган үлүштүк инструменттер сатып алып жаткан ишканага контролдук кылуунун ордуна берилген ордун толтуруунун бир бөлүгү болуп саналаары же жоктугу (жана тиешелүү түрдө ФОЭС (IFRS) 3тү колдонуу чөйрөсүнө кирээри) же бириктиргенден кийинки мезгилде таанылa турган улантылып жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн ордуна берилээри (жана тиешелүү түрдө ушул ФОЭСти колдонуу чөйрөсүнө кирээри) жагынан колдонмону сунуш кылат.

6 Ушул ФОЭС алардын учурунда ишкана *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32нин (2003-жылы кайра каралган) [1] 8–10-пункттарын же *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9дун 2.4–2.7-пункттарын колдонуу чөйрөсүнө кирген келишимге ылайык товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алган же сатып алган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулбайт.

1 2005-жылы ФОЭС (IAS) 32нин аталышына түзөтүү киргизилген.

© ФОЭС Фонду

6A Ушул ФОЭСте колдонулуучу адилет нарк аныктамасы айрым аспекттерде *«Адилет наркты баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13тө колдонулуучу адилет нарк аныктамасынан айырмаланат. Тиешелүү түрдө, ФОЭС (IFRS) 2ни колдонууда ишкана адилет наркты ФОЭС (IFRS) 13кө эмес, ушул ФОЭСке ылайык баалайт.

## Таануу

**7 Ишкана акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциянын учурунда алынган же сатып алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ушул товарларды алган учурда же кызмат көрсөтүүгө жараша таанууга тийиш. Эгерде товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын учурунда алынган болсо, ишкана өзүнүн капиталында тиешелүү көбөйүүнү, эгерде товарлар же кызмат көрсөтүүлөр акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын учурунда сатып алынган болсо, милдеттенмени таанууга тийиш.**

**8 Эгерде акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын учурунда алынган же сатып алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр актив катарында таануу критерийлерине жооп бербесе, анда алар чыгашалар катары таанылууга тийиш.**

9 Эреже катары, чыгаша товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөнүн натыйжасында келип чыгат. Мисалы, кызмат көрсөтүүлөр демейде дароо эле керектелет жана бул учурда чыгаша контрагент кызмат көрсөткөн учурда таанылат. Товарлар кандайдыр-бир мезгил аралыгында керектелиши мүмкүн же запастар бар учурда алда канча кийинки датада сатылышы мүмкүн; бул учурда чыгаша товарлар керектелген же сатылган учурда таанылат. Бирок, кээде чыгашаны товарлар же кызмат көрсөтүүлөр керектелгенге же сатылганга чейин таануу зарыл, анткени алар актив катарында таануу критерийлерине жооп бербейт. Мисалы, ишкана жаңы продуктуну иштеп чыгуу долбоору боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн колдонула турган товарларды сатып алышы мүмкүн. Бул товарлар керектелгенине карабастан алар колдонууга боло турган ФОЭСке ылайык актив катарында таануу критерийлерине жооп бербеши мүмкүн.

## Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

**Баяндама**

10 Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар үчүн ишкана алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркы боюнча тикелей баалоого тийиш, буга ушул адилет нарк ишенимдүү бааланышы мүмкүн болбогон учурлар кирбейт. Эгерде ишкана алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын ишенимдүү баалай албаса, ал алардын наркын жана

өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү кыйыр, башкача айтканда, берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде[2] баалоого тийиш.

11 *Окшош кызмат көрсөтүүчү кызматкерлер жана башка адамдар*[3] менен операцияларга карата 10-пункттун талаптарын колдонуу үчүн ишкана алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде баалоого тийиш, анткени демейде, 12-пунктта түшүндүрүлгөндөй, алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын ишенимдүү баалоо мүмкүн эмес. Бул үлүштүк инструменттердин адилет наркы алар *берилген күнгө* карата бааланууга тийиш.

12 Эреже катары, акциялар, акцияларга опциондор же башка үлүштүк инструменттер кызматкерлерге акча каражаттары менен төлөнүүчү эмгек акыга жана кызматкерлерге башка сыйакыларга кошумча түрдө алардын сыйакыларынын пакетинин бир бөлүгү катары берилет. Демейде кызматкерлердин сыйакыларынын пакетинин айрым компонентинин ордуна алынган кызмат көрсөтүүнү тикелей баалоо мүмкүн эмес. Мындан тышкары, берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын түздөн-түз баалабай туруп, сыйакылардын бүткүл пакетинин адилет наркын тикелей баалоо мүмкүн эмес болуп чыгышы мүмкүн. Ошондой эле кээде акциялар же акцияларга опциондор негизги сыйакынын бир бөлүгү, мисалы, ишканадагы иштөөнү улантууга кызматкерлер үчүн стимул катары же ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жакшыртуу боюнча алардын күч-аракеттери үчүн сыйакы максатында эмес, сыйлоо жөнүндө макулдашуунун бир бөлүгү катары берилет. Сыйакылардын башка түрлөрүнө кошумча түрдө акцияларды же акцияларга опциондорду берип, ишкана кошумча пайда алуу үчүн кошумча сыйакыларды төлөйт. Бул кошумча пайдалардын адилет наркын баалоо, кыязы, татаал болот. Алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын тикелей баалоонун татаалдыгынан улам ишкана кызматкерлерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын ал берген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде баалоого тийиш.

13 Ишкананын кызматкерлери болуп саналбаган тараптар менен операцияларга карата 10-пункттун талаптарын колдонуу үчүн алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркы ишенимдүү бааланышы мүмкүн экендиги жөнүндө төгүндөлүүчү божомол колдонулууга тийиш. Бул адилет нарк ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн күнгө карата бааланууга тийиш. Сейрек учурларда, эгерде ишкана бул божомолду төгүндөсө, анткени алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын ишенимдүү баалай албаса, ал алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн күнгө карата бааланган берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде кыйыр баалоого тийиш.

13A Атап айтканда, эгерде ишкана алган идентификацияланууучу ордун толтуруу (эгерде ал бар болсо) берилген үлүштүк инструменттердин же өзүнө кабыл алынган милдеттенменин адилет наркынан аз болуп чыкса, демейде мындай кырдаал ишкана кошумча ордун толтурууну (башкача айтканда, идентификацияланбай турган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү) алганын (же алаарын) көрсөтүп турат. Ишкана алынган

[2] Ушул ФОЭС «боюнча» эмес, а «негизинде» деген фразаны колдонот, анткени операция жыйынтыгында 11 же 13-пункттарында көрсөтүлгөн (алардын кайсынысы колдонулганына жараша) күнгө карата бааланган берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын аларга укук 19-пунктта түшүндүрүлгөндөй өткөрүлүп берилген үлүштүк инструменттердин санына көбөйтүү жолу менен бааланат.

[3] Ушул ФОЭСтин калган бөлүгүндө кызматкерлерге карата бардык шилтемелер ошондой эле окшош кызматтарды көрсөткөн башка адамдарды камтыйт.

идентификацияланууучу товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү ушул ФОЭСке ылайык баалоого тийиш. Ишкана алынган (же алынууга тийиш болгон) идентификацияланууучу товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү акциялардын негизинде төлөмдөрдүн адилет наркынын жана ар кандай алынган (же алынууга тийиш болгон) идентификацияланууучу товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркынын ортосундагы айырма катары баалоого тийиш. Ишкана алынган идентификацияланбай турган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берилген күнгө карата баалоого тийиш. Бирок алар боюнча эсептешүүлөр акча каражаттары менен жүргүзүлө турган операциялар жагынан милдеттенме ал 30–33-пункттарга ылайык төлөнмөйүнчө ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата кайра бааланууга тийиш.

## Алардын учурунда ишкана кызмат көрсөтүүлөрдү ала турган операциялар

14 Эгерде берилген үлүштүк инструменттерге укуктар токтоосуз өткөрүлүп берилсе, анда контрагенттен ал ушул үлүштүк инструменттерге шартсыз укукту алмайынча айрым кызмат көрсөтүү мезгилин аяктоо талап кылынбайт. Тескерисинин далилдери жок учурда контрагент үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында берген кызмат көрсөтүүлөр алынгандыгы жөнүндө божомолду ишкана кабыл алууга тийиш. Бул учурда үлүштүк инструменттер берилген күнгө карата ишкана алынган кызмат көрсөтүүлөрдү толук көлөмдө таанууга, ошондой эле өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү таанууга тийиш.

15 Эгерде берилген үлүштүк инструменттерге укук контрагент кызмат көрсөтүүлөрдү айрым мезгилде аяктамайынча ага өткөрүлүп берилбесе, анда ишкана бул үлүштүк инструменттер үчүн контрагент ордун толтуруу катарында көрсөтүүгө тийиш болгон кызмат көрсөтүүлөр *укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин* ичинде келечекте алынууга тийиш экендиги жөнүндө божомолду кабыл алууга тийиш. Ишкана бул кызмат көрсөтүүлөрдү контрагент укуктар өткөрүлүп беоилген мезгилдин ичинде беришине жараша аларды эске алууга жана мында өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү таанууга тийиш. Мисалы:

(a) эгерде кызматкер ишканада үч жыл иштеген шартта ага акцияларга опциондор берилсе, анда кызматкер акцияларга опциондор үчүн ордун толтуруу катарында берүүгө тийиш болгон кызмат көрсөтүүлөр укуктар өткөрүлүп берилүүчү ушул үч жылдык мезгилдин ичинде келечекте алына тургандыгы жөнүндө божомолду ишкана кабыл алууга тийиш;

(b) эгерде кызматкер *натыйжалуулукка жетишүүнүн айрым шарттарын* аткарышына байланыштуу болгон акцияларга опциондор ага берилсе, ошондой эле ушул шарт аткарылмайынча ишканада иштер улантылса жана укуктар өткөрүлүп берилүүчү мезгилдин узактыгы ал натыйжалуулукка жетишүү шарттарын аткарышына байланыштуу болсо, анда акцияларга опциондор үчүн ордун толтуруу катарында кызматкер берүүгө тийиш болгон кызмат көрсөтүүлөр укуктар өткөрүлүп берилүүчү күтүлгөн мезгилдин ичинде келечекте алына тургандыгы жөнүндө божомолду ишкана кабыл алууга тийиш. Ишкана натыйжалуулукка жетишүү шарттарын аткаруунун алда канча ыктымалдуу болжолуна негизденип, берүү күнүнө карата укуктар өткөрүлүп берилишинин күтүлгөн мезгилинин узактыгын баалоого тийиш. Эгерде натыйжалуулукка жетишүү шарты рыноктук шарт болуп саналса, анда укуктар өткөрүлүп берилишинин күтүлгөн мезгилинин узактыгын баалоо берилген опциондордун адилет наркын эсептөө учурунда пайдаланылган божомолдорго ылайык келүүгө тийиш жана кийин кайра каралууга

тийиш эмес. Эгерде натыйжалуулукка жетишүү шарты *рыноктук шарт* болуп саналбаса, эгерде кийинки маалымат укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин узактыгы мурдагы эсептерден айырмаланарын көрсөтүп турса, анда ишкана зарылчылык болгон учурда укуктарды өткөрүп берүүнүн күтүлгөн мезгилинин узактыгын өзүнүн баалоосун кайра кароого тийиш.

## Берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде баалануучу операциялар

### Берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын аныктамасы

16 Берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде баалануучу операциялар боюнча ишкана, эгерде рыноктук баалар бар болсо, аларга негизденип, бул үлүштүк инструменттер берилген шарттарды эске алып (19–22-пункттардын талаптарын эске алуу менен), *баалоо күнүнө* карата берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын баалоого тийиш.

17 Эгерде рыноктук баалар жок болсо, анда ишкана берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын эсептөөгө, бул үчүн жакшы маалыматтанган, ушундай операцияны жүргүзүүгө ниеттенген көз карандысыз тараптардын ортосунда операция жасоодо баалоо күнүнө карата бул үлүштүк инструменттердин баасы кандай болгонун аныктоо үчүн баалоо моделин пайдаланууга тийиш. Баалоо модели финансылык инструменттерди баалоонун жалпы кабыл алынган методикаларына ылайык келүүгө тийиш жана жакшы маалыматтанган, операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучулары бааны белгилөө учурунда (19–22-пункттардын талаптарын эске алуу менен) карай турган бардык факторлорду жана божомолдорду камтууга тийиш.

18 В тиркемеси акциялардын жана акцияларга опциондордун адилет наркын баалоо боюнча алда канча кең-кесири көрсөтмөлөрдү камтыйт. Бул тиркемеде кызматкерлерге акцияларды же акцияларга опциондорду берүү боюнча операциялар жагынан келишимдердин орун алган шарттарынын мисалдары каралат.

### Укуктарды өткөрүп берүү шарттарын эсепке алуу

19 Үлүштүк инструменттерди берүү укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттарын аткарууга байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы, кызматкерлерге акцияларды же акцияларга опциондорду берүү демейде кызматкер айрым мезгил ичинде ишканада иштөөнү улантаарына же жоктугуна байланыштуу. Натыйжалуулукка жетишүүнүн шарты, мисалы, ишкана пайданын айрым өсүшүнө же анын акцияларынын баасы айрым жогорулашына жетишүүсү талап кылынышы мүмкүн. Рыноктук шарттар болуп саналбаган укуктарды өткөрүп берүү шарттары баалоо күнүнө карата акциялардын же акцияларга опциондордун адилет наркын баалоо учурунда эске алынууга тийиш эмес. Анын ордуна укуктарды өткөрүп берүү шарттары операциянын суммасынын баасына киргизилген үлүштүк инструменттердин санын оңдоп-түзөө аркылуу эске алынууга тийиш, ошентип, акыр аягында берилген үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган сумма иш жүзүндө бериле турган үлүштүк инструменттердин санына негизделүүгө тийиш. Ошентип, эгерде берилген үлүштүк инструменттерге укуктардын өткөрүлүп берилиши *укуктарды өткөрүп берүү шарты* аткарылбаганынан улам болуп өткөрүлүп берилбесе, мисалы, эгерде контрагент көрсөтүлгөн мезгилде кызмат көрсөтүүлөрдү аяктай албаса же натыйжалуулукка жетишүүнүн шарты аткарылбаган болсо (21-пункттун талаптарын эске алуу менен), анда

алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан кумулятивдүү түрдө эч нерсе таанылбайт.

20 19-пункттун талаптарын колдонуу үчүн ишкана укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан аларга укуктар, күтүлүп жаткандай, өткөрүлүп берилүүгө тийиш болгон үлүштүк инструменттердин санынын алда канча жакшы жеткиликтүү баасына негизделген сумманы таанууга тийиш, ошондой эле эгерде кийинки маалыматка ылайык аларга укуктар, күтүлүп жаткандай, өтө турган үлүштүк инструменттердин саны мурдагы эсептерден айырмаланса, зарылчылык болгон учурда бул бааны кайра карап чыгууга тийиш. Укуктарды өткөрүп берүү күнүнө карата ишкана бул бааны ага укуктар акыр аягында өткөрүлүп берилген үлүштүк инструменттердин санына барабар болуп калгыдай кылып кайра кароого тийиш, мында 21-пункттун талаптарын эске алуу зарыл.

21 Рыноктук шарттар, мисалы, укуктардын өткөрүлүп берилиши (же аткаруу мүмкүнчүлүгү) ага байланыштуу болгон акциялардын белгиленген баасына жетишүү берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын баалоо учурунда эске алынууга тийиш. Тиешелүү түрдө, рыноктук шарттар менен үлүштүк инструменттерди берүү учурунда ишкана ушул рыноктук шарт канааттандырылганына же жоктугуна карабастан укуктарды өткөрүп берүүнүн башка бардык шарттарын аткарган контрагенттен алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү (мисалы, айрым мезгилдин ичинде иштөөнү улантып жаткан кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөр) таанууга тийиш.

### Укуктарды өткөрүп берүү болуп өтпөй жаткан шарттарды эсепке алуу тартиби

21A Ушундай эле түрдө ишкана берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын баалоо учурунда мындай инструменттерге укуктардын өткөрүлүп берилиши болбой жаткан бардык шарттарды эсепке алууга тийиш. Тиешелүү түрдө, укуктарды өткөрүп берүү болбой жаткан шарттары менен үлүштүк инструменттерди берүү учурунда ишкана, рыноктук укуктарды (мисалы, кызмат көрсөтүүнүн айрым мезгилинин ичинде иштөөнү улантып жаткан кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөр) кошпогондо, анын учурунда укуктарды өткөрүп берүү болбой жаткан шарттар канааттандырылганына же жоктугуна карабастан, укуктарды өткөрүп берүүнүн бардык шарттарын аткарып жаткан контрагенттен алынган товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү таанууга тийиш.

### Револьвердик шарттарды эсепке алуу

22 *Револьвердик шарты* бар опциондор үчүн бул шарт баалоо күнүнө карата берилген опциондордун адилет наркын аныктоо учурунда эсепке алынууга тийиш. Анын ордуна, эгерде револьвердик опцион кийин берилсе, *револьвердик опцион* ал берилген учурда да опционду жаңы берүү катары эсепке алынууга тийиш.

### Укуктарды өткөрүп берүү күнүнөн кийин

23 10–22-пункттарга ылайык алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана өздүк капиталындагы тиешелүү көбөйүүнү таанып, укуктар өткөрүлүп берилген күндөн кийин ишкана өздүк капиталынын жалпы суммасына таасир этүүчү эч кандай кийинки ондоп-түзөөлөрдү жасоого тийиш эмес. Мисалы, эгерде кийин кызматкер үлүштүк инструменттерге өзүнө өткөн укуктарды жоготсо же акцияларга опциондордун учурунда, эгерде опциондор аткарылбаса, ишкана кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөр

жагынан таанылган суммаларды келечекте калыбына келтирүүгө тийиш эмес. Бирок, бул талап ишканага өздүк капиталынын курамындагы кыймылды, башкача айтканда, өздүк капиталынын бир компонентинин башкага которулушун таанууга тыюу салбайт.

### Эгерде үлүштүк инструменттердин адилет наркы ишенимдүү бааланышы мүмкүн болбосо

24 Ишканадан берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияны баалоо талап кылынса, 16–23-пункттардын талаптары колдонулат. Сейрек учурларда ишкана 16–22-пункттарга ылайык баалоо күнүнө карата берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын ишенимдүү аныктай албайт. Ушул сейрек учурларда гана ишкана төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

(a) адегенде ишкана товарларды сатып алган же контрагент кызмат көрсөткөн күнгө карата жана андан кийин ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата жана биротоло эсептешкен күнгө карата үлүштүк инструменттердин *ички наркы* боюнча аларды баалоого, мында ички нарктын өзгөрүүлөрүн пайданын же зыяндын курамында таанууга. Акцияларга опциондорду берүү учурунда акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу боюнча биротоло эсептешүү опциондор аткарылган учурда болуп өтөт, алар боюнча укуктар жок болот (мисалы, кызматкер иштен бошогондо) же опциондор күчүн жоготот (мисалы, опциондун мөөнөтүнүн аяганда);

(b) аларга укук акыр аягында өткөн же (колдонууга боло турган жерде) акыр аягында аткарылган үлүштүк инструменттердин санына таянуу менен алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү таанууга. Бул талаптарды, мисалы, акцияларга опциондорго карата колдонуу үчүн ишкана 14 жана 15-пункттарга ылайык укуктарды (ал бар болсо) өткөрүп берүү мезгилинин ичинде алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү таанууга тийиш, бирок мында рыноктук шарт жөнүндө 15(b)-пункттун талабы колдонулбайт. Укуктарды өткөрүп берүү мезгилинде алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган сумма аларга укуктар, күтүлүп жаткандай, өтө турган акцияларга опциондордун санынын эсептик баасына негизделүүгө тийиш. Эгерде кийинки маалыматка ылайык аларга укуктар, күтүлүп жаткандай, өткөрүлүп бериле турган акцияларга опциондордун саны мурдагы эсептерден айырмаланса, ишкана зарылчылык болгон учурда бул эсептик бааны кайра кароого тийиш. Укуктарды өткөрүп берүү күнүнө карата ишкана эсептик бааны ал аларга укук акыр аягында өткөрүлүп берилген үлүштүк инструменттердин санына барабар болгудай кылып кайра кароого тийиш. Эгерде акцияларга опциондор кийин укуктарын жоготсо же акцияларга опциондун мөөнөтүнүн аягында күчүн жоготсо, укуктарды өткөрүп берүү күнүнөн кийин ишкана алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган суммаларды калыбына келтирүүгө тийиш.

25 Эгерде ишкана 24-пунктту колдонсо, анда 26–29-пункттарды колдонуунун зарылчылыгы жок, анткени үлүштүк инструменттер берилген шарттардын бардык өзгөрүүлөрү 24-пунктта баяндалган ички нарк методун колдонуу учурунда эске алынат. Бирок, эгерде ишкана аларга карата 24-пункт колдонулган үлүштүк инструменттерди берүү жөнүндө макулдашуу боюнча төлөөнү жүргүзсө, анда:

(a) эгерде төлөө укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде болуп өтсө, ишкана бул төлөөнү укуктарды өткөрүп берүүнү тездетүү катары эске алууга тийиш жана ошондуктан андай болбогон учурда укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин калган мөөнөтүнүн ичинде алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылууга тийиш болгон сумманы токтоосуз таанууга тийиш;

(b) толук төлөө учурунда жүргүзүлгөн төлөм үлүштүк инструменттерди сатып алуу катары, башкача айтканда, төлөм кайра сатып алуу күнүнө карата бааланган үлүштүк инструменттердин ички наркынан ашкан сумманы кошпогондо, өздүк капиталынан чыгарып салуу катары таанылууга тийиш. Ар кандай ушундай ашуу чыгаша катары таанылууга тийиш.

## Үлүштүк инструменттер берилген шарттардын өзгөрүшү, анын ичинде жоюу жана эсептешүүлөр

26 Ишкана үлүштүк инструменттер берилген шарттарды өзгөртө алат. Мисалы, ал кызматкерлерге барилген опциондорду аткаруунун баасын азайта (башкача айтканда, опциондордун баасын кайра белгилей) алат, бул ушул опциондордун адилет наркын көбөйтөт. Ушундай өзгөрүүлөрдүн таасирин эсепке алуу боюнча 27–29-пункттардын талаптары акцияларга негизделген төлөмдөрдө болжолдогон кызматкерлер менен операциялардын контекстинде баяндалат. Бирок, бул талаптар ошондой эле кызматкерлер болуп саналбаган тараптардын ортосунда түзүлгөн, берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде бааланган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулууга тийиш. Кийинки учурда 27–29-пункттарда «берүү күнүнүн» ордуна ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн күн колдонулууга тийиш.

27 Ишкана бери болгондо берүү күнүнө карата берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы боюнча бааланган, алынган кызмат көрсөтүүлөрдү таанууга тийиш, буга ушул үлүштүк инструменттер берүү күнүнө карата белгиленген укуктарды өткөрүп берүү (рыноктук шарт болуп саналбаган) шарттарын сактабагандыктан улам өткөрүлүп берилбей турган учурлар кирбейт. Бул эреже үлүштүк инструменттерди берүү жөнүндө ушул макулдашуу боюнча үлүштүк инструменттер берилген же жоюу болуп өткөн же төлөө жүргүзүлгөн шарттар өзгөргөнүнө же жоктугуна карабастан колдонулат. Мындан тышкары, ишкана акцияларга негизделген же башкача түрдө кызматкерге пайдалуу болгон төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун жалпы адилет наркын көбөйтүүчү өзгөрүүлөрдүн таасирин таанууга тийиш. Бул талапты пайдалануу боюнча колдонмо В тиркемесинде келтирилген.

28 Эгерде үлүштүк инструменттерди берүү укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде жоюлса же төлөө жүргүзүлсө (буга укуктарды өткөрүп берүү шарттарын аткарбай коюунун натыйжасында укуктар жоготулган учурлар кирбейт):

(a) ишкана жоюуну же төлөөнү укуктардын өткөрүлүп берилишин тездетүү катары эске алууга тийиш жана ошондуктан андай болбогон учурда укуктарды өткөрүп берүүнүн калган мөөнөтүнүн ичинде алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылa турган сумманы токтоосуз таанууга тийиш;

(b) берүүнү жоюу же төлөө учурунда кызматкерге жасалган ар кандай төлөм капиталдагы үлүштү сатып алуу катары, башкача айтканда, өз капиталынан алып салуу катары эске алынууга тийиш, буга кайра сатып алуу күнүнө

© ФОЭС Фонду

карата бааланган, берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынан ашкан сумма кирбейт. Ар кандай ушундай ашуу чыгаша катары таанылууга тийиш. Бирок, эгерде акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу карыз компоненттерин камтыса, ишкана ушундай милдеттенменин адилет наркын жоюу же төлөө күнүнө карата кайра баалоону жасоого тийиш. Карыз компонентин төлөөнүн эсебине жасалган ар кандай төлөм тиешелүү милдеттенмени төлөө катары эсепке алынууга тийиш.

(c) эгерде кызматкерге жаңы үлүштүк инструменттер берилсе жана бул жаңы үлүштүк инструменттерди берүү күнүнө карата ишкана аларды жоюлган үлүштүк инструменттерди алмаштыруу катары идентификацияласа, анда ал алмаштыруучу үлүштүк инструменттерди берүүнү 27-пунктка жана В тиркемесине ылайык үлүштүк инструменттерди берүү боюнча алгачкы макулдашууну өзгөртүү сыяктуу эле эсепке алууга тийиш. Берилген кошумча адилет нарк алмаштыруучу үлүштүк инструменттердин адилет наркынын жана алмаштыруучу үлүштүк инструменттерди берүү күнүнө карата жоюлган үлүштүк инструменттердин таза адилет наркынын ортосундагы айырма катары эсептелет. Жогорудагы (b) пунктчага ылайык өздүк капиталынан алып салуу катары эсепке алынган үлүштүк инструменттерди жоюу учурунда кызматкерге жүргүзүлгөн төлөмдүн суммасын алып салганда, жоюлган үлүштүк инструменттердин таза адилет наркы түздөн-түз алар жоюлганга чейинки алардын адилет наркы катары эсептелет. Эгерде ишкана жаңы үлүштүк инструменттерди жоюлган үлүштүк инструменттерди алмаштыруу катары идентификацияласа, анда ал ушул жаңы үлүштүк инструменттерди үлүштүк инструменттерди жаңы берүү катары эсепке алууга тийиш.

28А Эгерде ишкана же контрагент алардын учурунда укукту өткөрүп берүү болуп өтпөгөн шарттарды аткарууну же аткарбоону тандай алса, ишкана ушундай шарттарды ишкана же контрагент укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде аткарбагандыгын акцияларга негизделген төлөм каралган макулдашууну жоюу катары баалоого тийиш.

29 Эгерде ишкана кызматкерге өткөрүлүп берилген үлүштүк инструменттерге укукту сатып алса, анда кызматкерге жүргүзүлгөн төлөм өздүк капиталынан алып салуу катары эсепке алынууга тийиш, буга сатып алуу күнүнө карата бааланган сатып алынган үлүштүк инструменттердин адилет наркынан ашкан сумма кирбейт. Ар кандай ушундай ашуу чыгаша катары таанылууга тийиш.

## Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

**30 Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар жагынан ишкана сатып алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана милдеттенменин адилет наркы боюнча келип чыккан милдеттенмени 31-33D-пункттарынын талаптарын эске алуу менен баалоого тийиш. Милдеттенме төлөнмөйүнчө, ишкана ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата, ошондой эле милдеттенме боюнча эсептешүү күнүнө карата милдеттенменин адилет наркын кайра баалап, мезгил үчүн пайданын же зыяндын курамында милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүүлөрүн таанууга тийиш.**

31 Мисалы, акциялардын наркы көбөйгөн учурда алардын сыйакы пакетинин бир бөлүгү катары ишкана кызматкерлерге сыйакы алууга укук бере алат, анын натыйжасында кызматкерлер келечекте (үлүштүк инструменттерди эмес) акча каражаттарын алууга укук алат, алардын суммасы айрым мезгил ичинде белгиленген деңгээлге салыштырганда ишкананын акцияларынын баасынан ашууга таянуу менен эсептелет. Ишкана ошондой эле өзүнүн кызматкерлерине келечекте акча төлөмдөрүн алууга укукту акцияларга (анын ичинде акцияларга опциондор аткарылган учурда чыгарылууга тийиш болгон акцияларга) укук берүү аркылуу бере алат, акциялар милдеттүү тартипте (мисалы, иштен бошонгондо) же болбосо кызматкердин талабы боюнча төлөнүшү мүмкүн. Бул макулдашуулар акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын мисалдары боло алат. Акцияларды алууга укук 32–33D-пункттардын айрым талаптарын сүрөттөп көрсөтүү үчүн пайдаланылат; бирок бул пункттардын талаптары акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча бардык операцияларга карата колдонулат.

32 Ишкана алынган кызмат көрсөтүүлөрдү жана кызматкерлер ушул кызмат көрсөтүүлөрдү беришине жараша аларга акы төлөөгө милдеттенмени таанууга тийиш. Мисалы, акциялардын наркы көбөйгөн учурда сыйакы алууга айрым укуктар дароо кызматкерлерге өтөт, ошондуктан кызматкерлерден акчалай төлөмгө укук алуу үчүн кызмат көрсөтүүнүн айрым мезгилинин аякташы талап кылынбайт. Тескерисинин далилдери жок болгон учурда ишкана акциялардын наркы көбөйгөн учурда сыйакы алууга укуктун ордуна кызматкерлер берген кызмат көрсөтүүлөрдү ал алгандыгы жөнүндө божомолду кабыл алууга тийиш. Тиешелүү түрдө, ишкана алынган кызмат көрсөтүүлөрдү жана аларга акы төлөөгө милдеттенмени дароо эле таанууга тийиш. Эгерде акциялардын наркы көбөйгөн учурда сыйакы алууга укук кызматкерлер кызмат көрсөтүүлөрдү айрым мезгилде аяктамайынча аларга өтпөсө, анда ишкана алынган кызмат көрсөтүүлөрдү жана аларга акы төлөөгө милдеттенмени кызматкерлер мезгил ичинде кызмат көрсөтүшүнө жараша таанууга тийиш.

33 Милдеттенме акциялардын наркын жогорулатууга укук берилген шарттарды, ошондой эле 33A – 33D-пункттардын талаптарына ылайык бүгүнкү күнгө карата укук берилген даражаны эске алуу менен опциондордун баасын түзүү моделин колдонуу менен акциялардын наркын жогорулатууга укуктардын адилет наркы боюнча төлөө учуруна чейин ар бир отчеттук мезгилдин эң башында жана аягында баалоого тийиш. Ишкана акчалай төлөнүүчү акциялардын негизинде төлөмдөр берилген шарттарды өзгөртө алат. Анын классификациясын акчалай эсептешүүлөрдөн үлүштүк инструменттер менен эсептешүүлөргө өзгөртө турган акцияларга негизделген төлөмдөр операциясын модификациялоо боюнча колдонмо В тиркемесинин B44A – B44C-пункттарында берилген.

### Алардын учурунда укуктарды өткөрүп берүү болгон жана ушундай укуктарды өткөрүп берүү болбогон шарттарды эсепке алуу тартиби

33A Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттарын аткаруу менен шартталышы мүмкүн. Аткарылууга тийиш болгон натыйжалуулукка жетишүүнүн шарттары болушу мүмкүн, мисалы, ишкана пайданын айрым өсүшүнө жетишүүсү же ишкананын акцияларынын баасынын көрсөтүлгөн көбөйүшү. Рыноктук укуктардан айырмаланган укуктарды өткөрүп берүү шарттары баалоо күнүнө карата акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөрдүн адилет наркын баалоо учурунда эске алынууга тийиш эмес. Анын ордуна операциялардын натыйжасында келип чыккан милдеттенмени баалоого киргизилген сыйакылардын санын

ондоп-түзөө аркылуу рыноктук укуктардан айырмаланган укуктарды өткөрүп берүү шарттарын эске алуу зарыл.

33B 33A-пункттун талаптарын колдонуу үчүн, ишкана укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн сумманы таанууга тийиш. Бул сумма, күтүлүп жаткандай, өткөрүп бериле турган сыйлыктардын санынын колдо болгон эң мыкты баасына негизделүүгө тийиш. Эгерде кийинки маалымат, күтүлүп жаткандай, өткөрүп бериле турган сыйакылардын саны мурдагы баалардан айырмаланарын көрсөтүп турса, зарылчылык болгон учурда ишкана бул бааны кайра кароого тийиш. Укуктарды өткөрүп берүү күнүнө карата ишкана баанын берилген сыйакылардын санына барабар болушу үчүн аны кайра кароого тийиш.

33C Өтүү (же сатып өткөрүү мүмкүнчүлүгү) ага шартталган акциялардын максаттуу баасы сыяктуу рыноктук шарттар, ошондой эле укуктарды өткөрүп берүү жоктугунун шарттары акчалай төлөнүүчү акциялардын негизинде берилген төлөмдөрдүн адилет наркын баалоо учурунда жана ар бир отчеттук мезгилдин аягына карата жана эсептешүү күнүнө карата адилет наркты кайра баалаган учурда эске алынууга тийиш.

33D 30–33C-пункттарды колдонуунун натыйжасында акыр аягында акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр үчүн ордун толтуруу катары алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн таанылган жыйынды сумма төлөнгөн акча каражаттарынын суммасына барабар.

## Кармалып калуучу салык боюнча милдеттенмелер боюнча нетто-негизде эсептешүү функциясы бар акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

33E Салык мыйзамдары же ченемдик актылар ишкананы акцияларга негизделген төлөм менен байланышкан кызматкердин салык милдеттенмесинин суммасын кармап калууга жана бул сумманы, демейде накталай, кызматкердин атынан салык органына которууга милдеттендире алат. Бул милдеттенмени аткаруу үчүн акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун шарттары кызматкердин салык милдеттенмесинин акчалай наркына барабар болгон үлүштүк инструменттердин санын үлүштүк инструменттердин жалпы санынан кармап калууга ишканага уруксат бере алат же талап кыла алат, андай болбогон учурда алар акцияларга (башкача айтканда, «нетто-эсептешүү мүнөздөмөсү» бар акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашууга) негизделген төлөмдөрдү аткаруу (же укуктарды өткөрүп берүү) учурунда кызматкерге берилиши мүмкүн.

33F 34-пункттун талаптарынан тышкары катары, 33E-пунктта айтылган операция акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция катары, эгерде ал нетто-негиздеги эсептешүү функциясы жокто ушундай түрдө классификацияланууга тийиш болсо, толугу менен таанылууга тийиш.

33G Ишкана ушул стандарттын 29-параграфын акцияларга негизделген төлөм менен байланышкан кызматкердин салык милдеттенмеси жагынан салык органына төлөмдү финансылоо үчүн акцияларды кармап калууну эсепке алуу үчүн колдонот. Тиешелүү түрдө, төлөм кармалган үлүштүк инструменттердин таза эсебинин күнүнө карата адилет нарктан ашкан учурларды кошпогондо, жүргүзүлгөн төлөм кармалган акциялардын капиталынан кемитүү катары эсептелүүгө тийиш.

33H 33F-пункттагы эрежеден тышкаркы учурлар төмөнкүлөргө карата колдонулбайт:

(a) алар жагынан ишканада салык мыйзамдарына же ченемдик актыларга ылайык акцияларга негизделген ушул төлөм менен байланышкан кызматкердин салык милдеттенмесинин суммасын кармап калууга милдеттенмеси болбогон нетто-негизде эсептешүү мүмкүнчүлүгү бар акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашууга; жана

(b) акцияларга негизделген төлөм менен байланышкан кызматкердин салык милдеттенмесинен тышкары ишкана кармап калуучу ар кандай үлүштүк инструменттерге (башкача айтканда, ишкана кызматкердин салык милдеттенмесинин акчалай наркынан ашкан акциялардын суммасын кармап калат). Акциялардын ушундай кармалып калуучу ашыкчалары бул сумма кызматкерге акча каражаттары (же башка активдер) менен төлөнгөн учурда акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөм катары эсепке алынууга тийиш.

## Акчалай альтернативалар менен төлөө мүмкүнчүлүгү бар акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

**34 Эгерде ишканада акчалай же башка активдер менен төлөнүүгө тийиш болгон же үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар катары милдеттенме келип чыкса жана ал келип чыккан өлчөмдө, эгерде мындай милдеттенме келип чыкпаса жана ал келип чыкпаган негизде, алардын учурунда макулдашуунун шарттары боюнча ишкана же контрагент эсептешүүнүн ыкмасын – же акчалай (же башка активдер) менен же болбосо үлүштүк инструменттерди чыгаруу жолу менен тандай алган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар же операциялардын компоненттери акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар катары эсепке алынууга тийиш.**

### Макулдашуунун шарттары контрагентке эсептешүү ыкмасын тандоону берген акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

35 Эгерде ишкана контрагентке акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар жагынан – акчалай[4] же үлүштүк инструменттерди чыгаруу жолу менен эсептешүү ыкмасын тандоо укугун берсе, бул ишкана татаал финансылык инструментти бергенин билдирет, ал карыз компонентин (башкача айтканда, акчалай төлөөнү талап кылууга контрагенттин укугун) жана үлүштүк компонентти (башкача айтканда, акчалай эмес, үлүштүк инструменттер менен эсептешүүнү талап кылууга контрагенттин укугун) камтыйт. Алардын учурунда алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркы тикелей бааланган кызматкер болуп саналбаган тараптар менен операциялар үчүн ишкана татаал финансылык инструменттин үлүштүк компонентин алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркынын жана товарлар же кызмат көрсөтүүлөр алынган күнгө карата үлүштүк компоненттин адилет наркынын ортосундагы айырма катары баалоого тийиш.

36 Башка операциялар, анын ичинде кызматкерлер менен операциялар үчүн ишкана акча каражаттарына же үлүштүк инструменттерге укук берилген шарттарды эске алып, баалоо күнүнө карата татаал финансылык инструменттин адилет наркын баалоого тийиш.

---

4 35-43-пункттардагы акча каражаттарына карата бардык шилтемелер ошондой эле ишкананын башка активдерин камтыйт.

© ФОЭС Фонду

37 36-пунктту колдонгон учурда ишкана адегенде карыз компонентинин адилет наркын баалоого, андан соң контрагент үлүштүк инструментти алуу үчүн акча каражаттарын алууга укуктан баш тартууга тийиш экенин эске алып, үлүштүк компоненттин адилет наркын баалоого тийиш. Татаал финансылык инструменттин адилет наркы эки компоненттин адилет нарктарынын суммасы болуп саналат. Бирок, контрагент төлөө ыкмасын тандоого ээ болгон акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар көп учурда тандоонун бир ыкмасын тандоодогу адилет нарк башка ыкманы тандоо учурундагыдай эле болгудай түрдө түзүмдөштүрүлөт. Мисалы, контрагент акцияларга опциондорду алууну тандоого же акчалай төлөнүүчү акциялардын наркы көбөйгөн учурда сыйакы алууга укукка ээ болот. Мындай учурларда үлүштүк компоненттин адилет наркы нөлгө барабар жана тиешелүү түрдө татаал финансылык инструменттин адилет наркы карыздык компоненттин адилет наркына барабар. Бирок, эгерде төлөөнүн ар кандай ыкмаларынын адилет нарктары айырмаланса, анда карыздык компоненттин адилет наркы, эреже катары, нөлдөн жогору; бул учурда татаал финансылык инструменттин адилет наркы карыздык компоненттин адилет наркынан жогору болот.

38 Ишкана татаал финансылык инструменттин ар бир компоненти жагынан алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнчө эсепке алууга тийиш. Үлүштүк компонент үчүн ишкана сатып алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана контрагент товарларды берген же кызмат көрсөткөн учурда бул товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык төлөөгө милдеттенмени таанууга тийиш (30–33-пункттар). Үлүштүк компонент үчүн (эгерде ал бар болсо) ишкана алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жана өздүк капиталындагы көбөйүүнү контрагент үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык товарларды берет же кызмат көрсөтөт (10–29-пункттар).

39 Төлөө күнүнө карата ишкана анын адилет наркы боюнча милдеттенмени кайра баалоого тийиш. Эгерде эсептешүү учурунда ишкана акча каражаттарын төлөбөстөн, үлүштүк инструменттерди чыгарса, анда милдеттенме чыгарылган үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катары тикелей өздүк капиталына которулууга тийиш.

40 Эгерде толук төлөө учурунда ишкана үлүштүк инструменттерди чыгарбастан, акча каражаттары менен төлөсө, анда бул төлөм милдеттенмени толугу менен төлөөгө тийиш. Мурда таанылган үлүштүк компонент өздүк капиталынын курамында калууга тийиш. Төлөө катарында акча каражаттарын алууну тандап, контрагент үлүштүк инструменттерди алууга укугун жоготот. Бирок, бул талап ишканага өздүк капиталынын курамындагы кыймылды, башкача айтканда, өздүк капиталынын бир компонентинен башкасына которууну таанууга тыюу салбайт.

## Макулдашуунун шарттары ишканага эсептешүү ыкмасын тандоону берген акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар

41 Макулдашуунун шарттары ишканага – акчалай же үлүштүк инструменттерди чыгаруу жолу менен эсептешүү ыкмасын тандоону берген акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар үчүн ишкана эсептешүүнү акчалай жүргүзүүгө жана акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияны тиешелүү түрдө эсепке алууга учурдагы милдет бар же жогун аныктоого тийиш. Эгерде үлүштүк инструменттер менен эсептешүүнү тандоонун коммерциялык өлчөмү жок болсо (мисалы, эгерде ишканага акцияларды

чыгарууга юридикалык жактан тыюу салынса) же ишкананын акчалай эсептешүүнү жүргүзүү практикасы же белгиленген саясаты бар болсо же, эреже катары, эсептешүүлөрдү акчалай жүргүзсө, эгерде контрагент бул жөнүндө суранса, ишканада эсептешүүлөрдү акчалай жүргүзүүгө учурдагы милдети бар.

42 Эгерде ишканада эсептешүүнү акчалай жүргүзүүгө учурдагы милдети бар болсо, анда ал операцияны акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу 30–33-пункттардын талаптарына ылайык эсепке алууга тийиш.

43 Эгерде ишканада мындай милдет жок болсо, анда ал операцияны үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу 10–29-пункттардын талаптарына ылайык эсепке алууга тийиш. Эсептешүүнү жүргүзүү учурунда:

(a) төмөндөгү (c) пунктчасында көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, эгерде ишкана акчалай эсептешүүнү тандаса, анда акчалай төлөм капиталдагы үлүштү сатып алуу катары, башкача айтканда, өздүк капиталынан кемитүү катары эсепке алынууга тийиш;

(b) төмөндөгү (c) пунктчасында көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, эгерде ишкана үлүштүк инструменттерди чыгаруу жолу менен эсептешүүнү тандаса, анда андан аркы эсепке алуу талап кылынбайт (эгерде бул зарыл болсо, өздүк капиталынын бир компонентинен башкасына которууну кошпогондо);

(c) эгерде ишкана эсептешүүнү жүргүзүү күнүнө карата алда канча жогорку адилет наркы бар эсептешүү ыкмасын тандаса, анда ал кошумча өткөрүп берилген нарктын суммасындагы кошумча чыгашаны, башкача айтканда, төлөнгөн акча каражаттарынын жана андай болбогон учурунда алар чыгарыла турган үлүштүк инструменттердин адилет наркынын ортосундагы айырманы же чыгарылган үлүштүк инструменттердин адилет наркынын жана бул жоболордун кайсынысы колдонула тургандыгына жараша андай болбогон учурунда төлөнө турган акча каражаттарынын суммасынын ортосундагы айырманы таанууга тийиш.

## Топтун ишканаларынын ортосундагы акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар (2009-жылдагы түзөтүүлөр)

43A Топтун ишканаларынын ортосундагы акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана өзүнүн өзүнчө же жеке финансылык отчеттуулугунда өзү алган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү эсептешүүлөрү же болбосо үлүштүк инструменттер, же болбосо акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар катары төмөнкүлөрдү баалоо аркылуу чагылдырат:

(a) берилген сыйакылардын мүнөзүн; жана

(b) жеке өзүнүн укуктарын жана милдеттерин.

Товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана тарабынан таанылган сумма бириктирилген топ же эсептешүүнү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция боюнча жүргүзүп жаткан топтун башка ишканасы тарабынан таанылган суммадан айырмаланышы мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

43B Товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана өзү алган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкүдөй учурда үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция катары чагылдырат:

(a) берилип жаткан сыйакы анын өзүнүн үлүштүк инструменттерин билдирет; же

(b) ишканада эсептешүүлөрдү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция боюнча жүргүзүү милдети жок.

Кийин ишкана үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча ушундай операцияны 19–21-пункттарга ылайык рыноктук шарттар болуп саналбаган укуктарды өткөрүп берүү шарттарынын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен гана кайра баалоону жүргүзүүгө тийиш. Ар кандай башка жагдайларда товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана өзү алган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция катары чагылдырууга тийиш.

43C Эгерде башка ишкана товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жатса, эсептешүүнү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция боюнча жүзөгө ашырып жаткан ишкана, эгерде мындай операция боюнча эсептешүү ишкананын өзүнүн үлүштүк инструменттери менен жүргүзүлсө, мындай операцияны үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция катары таанууга тийиш. Андай болбогон учурда операция акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция катары таанылууга тийиш.

43D Топтун ичинде айрым операциялар жүргүзүлгөн учурда компенсацияны төлөө жөнүндө макулдашууларга жетишилет, аларга ылайык топтун бир ишканасы топтун башка ишканасына ал товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөргө акциялардын негизинде төлөмдөрдү жүргүзгөндүгү үчүн акчалай компенсацияны берүүгө тийиш. Мындай учурларда товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана топтун ишканаларынын ортосунда жетишилген компенсацияны төлөө жөнүндө макулдашууларды эсепке албастан, 43В-пунктка ылайык акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча бул операцияны эсепте чагылдырууга тийиш.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**44 Ишкана финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга мезгил ичинде болгон акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулардын мүнөзүн жана өлчөмүн түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

45 44-пунктта аныкталган принципти ишке ашыруу максатында ишкана бери болгондо төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) мезгил ичинде болгон акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулардын ар бир түрүнүн сыпаттамасын, ар бир макулдашуунун жалпы шарттарын, мисалы, укуктарды өткөрүп берүү шарттарын, берилген опциондордун максималдуу мөөнөтүн жана эсептешүүнүн формасын (мисалы, акчалай же үлүштүк инструменттер менен). Эгерде 44-пунктта камтылган принципти ишке ашыруу үчүн ар бир макулдашуу боюнча өзүнчө ачып көрсөтүү талап кылынбаса гана, акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулардын кыйла даражадагы окшош түрлөрү бар ишкана алар жөнүндө маалыматтарды бириктире алат;

(b) опциондордун төмөнкүдөй топторунун ар бири үчүн акцияларга опциондорду аткаруунун санын жана орточо алынган баасын:

(i) мезгилдин башталышына карата аткарылбаган;

(ii) мезгил ичинде берилген;

(iii) алар боюнча укуктар мезгил ичинде жоготулган;

(iv) мезгил ичинде аткарылган;

(v) мөөнөтү мезгил ичинде аяктаган;

(vi) мезгил аягына карата аткарылбаган; жана

(vii) мезгил аягына карата аткарылууга тийиш болгон;

(c) мезгил ичинде аткарылган акцияларга опциондор үчүн – аткаруу күнүнө карата акциялардын орточо алынган баасы. Эгерде опциондор мезгил ичинде дайыма аткарылып турган болсо, ишкана анын ордуна мезгил ичиндеги акциялардын орточо алынган баасын ачып көрсөтө алат.

(d) мезгил аягына карата аткарылбаган акцияларга опциондор үчүн – аткаруу бааларынын диапазону жана келишимдердин колдонулушунун калган орточо алынган мөөнөтү. Эгерде аткаруу бааларынын диапазону өтө кеңири болсо, анда аткарылбаган опциондор чыгарылышы мүмкүн болгон кошумча акцияларды жана бул опциондор аткарылган учурда алынышы мүмкүн болгон акча каражаттарын чыгаруунун санын жана мөөнөттөрүн баалоо үчүн көрсөтмөлүү диапазондорго бөлүнүүгө тийиш.

46 Ишкана мезгил ичинде алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркы же берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы кандай аныкталганын түшүнүүгө финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга мүмкүндүк бере турган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

47 Эгерде ишкана ишкананын үлүштүк инструменттери үчүн ордун толтуруу катарында алынган товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде кыйыр бааласа, анда 46-пунктта камтылган принципти ишке ашыруу үчүн ишкана бери болгондо төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) мезгил ичинде берилген акцияларга опциондор үчүн – баалоо күнүнө карата бул опциондордун орточо алынган адилет наркын жана адилет нарк кандай баалангандыгы жөнүндө маалыматты, анын ичинде:

(i) опциондун баасын аныктоонун колдонулган моделин жана бул модель үчүн баштапкы маалыматты, анын ичинде акциялардын орточо алынган баасын, аткаруу баасын, күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү, опциондордун колдонулушунун мөөнөтүн, күтүлгөн дивиденддерди, тобокелсиз пайыздык ставканы, ошондой эле модель үчүн башка баштапкы маалыматты, анын ичинде колдонулган методду жана күтүлгөн узак мөөнөтүү аткаруунун таасирин эсепке алуу үчүн кабыл алынган божомолдорду;

(ii) күтүлүп жаткан өзгөрүлмөлүүлүк кандай аныкталгандыгы жөнүндө маалыматты, анын ичинде күтүлүп жаткан өзгөрүлмөлүүлүк өткөн жылдардагы өзгөрүлмөлүүлүктөргө кандай негизделгенинин түшүндүрмөсүн; жана

(iii) опциондорду берүүнүн башка шарттары, мисалы, рыноктук шарттар адилет наркты баалоо учурунда жана кандай түрдө эсепке алынгандыгы же жоктугу жөнүндө маалыматты;

(b) мезгил ичинде берилген башка үлүштүк инструменттер үчүн (башкача айтканда, акцияларга опциондорду кошпогондо) – баалоо күнүнө карата ушул үлүштүк инструменттердин санын жана орточо алынган адилет наркын жана ушул адилет нарк кандай баалангандыгы жөнүндө маалыматты, анын ичинде:

(i) эгерде адилет нарк байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук баанын негизинде бааланбаган болсо, анда ал кандай аныкталгандыгы жөнүндө маалыматты;

(ii) күтүлүп жаткан дивиденддер адилет нарк боюнча баалоо учурунда жана кандай түрдө эсепке алынгандыгы жөнүндө маалыматты; жана

(iii) адилет наркты баалоо жана кандай түрдө баалоо учурунда берилген үлүштүк инструменттердин башка мүнөздөмөлөрү болгондугу же жоктугу жөнүндө маалыматты;

(c) мезгил ичинде өзгөртүлгөн акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулар үчүн:

(i) бул модификациялоонун түшүндүрмөсүн;

(ii) берилген кошумча адилет нарктын көлөмүн (бул модификациялоонун натыйжасында); жана

(iii) эгерде колдонууга мүмкүн болсо, жогорудагы (a) жана (b) пунктчаларда баяндалган талаптарга ылайык, берилген кошумча адилет нарк кандай баалангандыгы жөнүндө маалыматты.

48 Эгерде ишкана мезгил ичинде алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн адилет наркын түз бааласа, анда ал ушул адилет нарк кандай түрдө аныкталгандыгы, мисалы, ал ушул товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн рыноктук баасы боюнча аныкталгандыгы же жоктугу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

49 Эгерде ишкана 13-пунктта камтылган божомолду төгүндөсө, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана бул божомол эмненин негизинде төгүндөлгөнүн түшүндүрүүгө тийиш.

50 **Ишкана финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын мезгил ичинде ишкананын пайдасына же зыяндарына жана анын финансылык абалына таасирин түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.**

51 50-пунктта камтылган принципти ишке ашыруу максатында ишкана бери болгондо төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) алардын учурунда алынган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр актив катарында таануунун критерийлерине жооп бербеген жана ошондуктан дароо эле чыгаша катары таанылган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын натыйжасында келип чыккан, мезгил ичинде таанылган чыгашанын жалпы суммасын, анын ичинде чыгашанын жалпы суммасынын үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын натыйжасында таанылган бөлүгүн өзүнчө ачып көрсөтүүнү;

(b) акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер үчүн:

(i) мезгил аягына карата жалпы баланстык наркты; жана

(ii) алар боюнча контрагенттин акча каражаттарына же башка активдерге укугу (мисалы, акциялардын наркы көбөйгөн учурда сыйакы алууга өткөрүлүп берилген укук) мезгил аягына карата өткөрүлүп берилген мезгилдин аягына карата милдеттенмелердин жалпы ички наркын.

52 Эгерде ушул ФОЭС ачып көрсөтүүнү талап кылган маалымат 44, 46 жана 50-пункттардын принциптерин канааттандырбаса, анда ишкана аларды канааттандыруу үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш. Мисалы, эгерде ишкана акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча ар кандай операцияларды 33F-пунктка ылайык үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү операциялар катары классификацияласа, ишкана кызматкердин салык милдеттенмесин жөнгө салуу үчүн салык органына которууну ал күтүп жаткан эсептешүү суммасын ал акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу менен байланышкан акча каражаттар агымдарынын келечектеги натыйжалары жөнүндө пайдалануучуларга маалымдоо үчүн зарыл болгон учурда ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Өткөөл жоболор

53 Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар үчүн ишкана 2002-жылдын 7-ноябрынан кийин берилген жана аларга укуктар ушул ФОЭС күчүнө кирген күнгө карата али өтө элек акцияларды, акцияларга опциондорду же башка үлүштүк инструменттерди берүүгө карата ушул ФОЭСти колдонууга тийиш.

54 Эгерде ишкана баалоо күнүнө карта аныкталган ушул үлүштүк инструменттердин адилет наркын ачык ачып көрсөтсө, үлүштүк инструменттерди берүү боюнча башка операцияларга карата ушул ФОЭСти колдонуу ишканадан талап кылынбайт, бирок кубатталат.

55 Ушул ФОЭС колдонулган үлүштүк инструменттерди берүү боюнча бардык операциялар үчүн ишкана салыштырмалуу маалыматты эсептеп чыгууга жана колдонууга боло турган жерде көрсөтүлгөн мезгилдердин эң биринчиси үчүн мезгилдин башталышына карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын баштапкы калдыгын оңдоп-түзөөгө тийиш.

56 Аларга карата ушул ФОЭС колдонулбаган үлүштүк инструменттерди берүү боюнча бардык операциялар үчүн (мисалы, 2002-жылдын 7-ноябрында же андан мурда берилген үлүштүк инструменттер үчүн) ишкана ошого карабастан 44 жана 45-пункттарда талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

57 Эгерде ушул ФОЭС күчүнө киргенден кийин ишкана аларга карата ушул ФОЭС колдонулбаган үлүштүк инструменттерди берүү боюнча макулдашуулардын шартын өзгөртсө, анда ишкана ошого карабастан ушундай өзгөртүүлөрдү эсепке алуу үчүн 26–29-пункттарды колдонууга тийиш.

58 Ушул ФОЭС күчүнө кирген күнгө карата колдо болгон акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер үчүн ишкана ФОЭСти ретроспективдик колдонууга тийиш. Бул милдеттенмелер боюнча ишкана салыштырмалуу маалыматтарды, анын ичинде көрсөтүлгөн мезгилдердин ичинен эң биринчи мезгилдин башталышына карата, ал үчүн салыштырмалуу маалыматтар кайра эсептелбеген, бөлүштүрүлбөгөн пайданын баштапкы калдыгын оңдоп-түзөөнү кайра эсептөөгө тийиш, буга ушул маалымат 2002-жылдын 7-ноябрына чейинки мезгилге же күнгө тиешелүү болгон даражада кайра эсептөө ишканадан талап кылынбагандыгы кирбейт.

59 Ушул ФОЭСти акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын натыйжасында келип чыккан башка милдеттенмелерге, мисалы, ал боюнча салыштырмалуу маалыматтар берилген мезгилдин ичинде төлөнгөн милдеттенмелерге карата ретроспективдик колдонуу талап кылынбайт, бирок кубатталат.

59A Ишкана 30–31, 33–33H жана B44A – B44C-пункттарындагы түзөтүүлөрдү төмөндө баяндалгандай колдонууга тийиш. Мурдагы мезгилдер кайра эсептелбейт.

(a) B44A – B44C-пункттардагы түзөтүүлөр ишкана түзөтүүлөрдү алгачкы жолу колдонгон күндө же күндөн кийин болуп өткөн модификацияларга карата гана колдонулат.

(b) 30–31 жана 33–33D-пункттарында ишкана түзөтүүлөрдү алгачкы жолу колдонгон күнгө карата инвестицияланбаган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата жана ишкана түзөтүүлөрдү биринчи болуп колдонот деген күнгө карата же ушул күндөн кийин берүү күнү менен акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулат. Ишкана түзөтүүлөрдү алгачкы жолу колдонгон күнгө чейин берилген акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча чыгымдалбаган операциялар үчүн ишкана ушул күнгө карата милдеттенмени кайра баалоого жана кайра баалоонун таасирин түзөтүү биринчи жолу колдонулган отчеттук мезгилдин башталышына карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын (же жагдайга жараша капиталдын башка компонентинин) курамында таанууга тийиш.

(c) 33E-33H-пункттардагы түзөтүүлөр жана 52-пунктка карата түзөтүү ишкана түзөтүүлөрдү биринчи жолу колдонгон күнгө карата инвестицияланбаган (же өткөрүп берилген, бирок аткарылбаган) акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата жана ишкана түзөтүүлөрдү биринчи жолу колдонгон күнгө карата же күндөн кийин берүү күнү менен акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулат. Мурда акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр катары классификацияланган, бирок эми түзөтүүлөргө ылайык үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү төлөмдөр катары классификацияланып жаткан акциялардын (же алардын компоненттеринин) негизиндеги төлөмдөр боюнча инвестицияланбаган (же өткөрүп берилген, бирок аткарылбаган) операциялар үчүн ишкана түзөтүүлөр биринчи жолу колдонулган күнгө карата капитал үчүн акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча милдеттенменин баланстык наркын кайра классификациялоого тийиш.

© ФОЭС Фонду

59B 59А-пункттун талаптарына карабастан, ишкана 63D-пункттагы түзөтүүлөрдү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ушул стандарттын 53–59-пункттарынын өткөөл жоболорун эске алуу менен, эгерде муну артка карабастан жасоого мүмкүн болсо гана, ретроспективдик колдоно алат. Эгерде ишкана ретроспективдик колдонууну тандаса, ал муну *«Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияны классификациялоо жана баалоо»* бөлүмүнө (ФОЭС (IFRS) 2ге түзөтүүлөр) киргизилген бардык түзөтүүлөр жагынан жасоого тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү

60 Ишкана ушул ФОЭСти 2005-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонот. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгерде ишкана ушул ФОЭСти 2005-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

61 ФОЭС (IFRS) 3 (2008-жылы кайра каралган) жана 2009-жылдын апрелинде чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи тарабынан 5-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана 2009-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер жагынан ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты ФОЭС (IFRS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ошондой эле ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

62 Ишкана төмөнкүдөй түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш:

(a) алардын учурунда укукту өткөрүп берүү болуп өтпөгөн шарттарды эсепке алуу тартиби жагынан 21А-пунктта баяндалган талаптарды;

(b) А тиркемесинде баяндалган «укуктарды өткөрүп берүү» жана «укуктарды өткөрүп берүү шарттары» терминдеринин кайра каралган аныктамаларын;

(c) жоюу жагынан 28 жана 28А-пункттардагы түзөтүүлөрдү.

Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

63 Ишкана 2009-жылдын июнунда чыгарылган «*Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөрдү болжолдогон топтордун алкагындагы операциялар*» документи тарабынан киргизилген төмөнкүдөй түзөтүүлөрдү 2010-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата 53–59-пункттарда баяндалган өткөөл жоболор аткарылган шартта *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш:

(a) топтун ишканаларынын ортосундагы операцияларды эсепке алуу жагынан В тиркемесинде 2-пунктка түзөтүү, 3-пунктту алып салуу жана 3А жана 43А–43D-пункттарды жана В45, В47, В50, В54, В56–В58 жана В60-пункттарды кошуу;

(b) А тиркемесинде төмөнкүдөй терминдердин кайра каралган аныктамалары;

- акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция,

- үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция,
- акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу, жана
- акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция.

Ретроспективдүү колдонуу үчүн зарыл маалымат жок болгон учурда ишкана мурда топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда таанылган суммаларды өзүнүн өзүнчө же жекече финансылык отчеттуулугунда чагылдырууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана түзөтүүлөрдү 2010-жылдын 1-январына чейин башталуучу мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

63A 2011-жылдын майында чыгарылган *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10 жана ФОЭС (IFRS) 11 тарабынан 5-пунктка жана А тиркемесине түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонуу менен бир учурда колдонууга тийиш.

63B 2013-жылдын декабрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010–2012-жж. аралыгы»* документи тарабынан 15 жана 19-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. А тиркемесинде «укуктарды өткөрүп берүү шарттары» жана «рыноктук шарт» терминдеринин аныктамаларына өзгөртүүлөр киргизилген, ошондой эле «натыйжалуулукка жетишүүнүн шарты» жана «*кызмат көрсөтүү мезгилинин шарты*» терминдеринин аныктамалары кошумчаланган. Ишкана бул түзөтүүнү 2014-жылдын 1-июлунда же бул күндөн кийин берүү күнү менен акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар жагынан перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

63C 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 6-пунктка өзгөртүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир учурда колдонууга тийиш.

63D 2016-жылдын июнунда чыгарылган *«Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларды классификациялоо жана баалоо»* (ФОЭС (IFRS) 2ге түзөтүүлөр) тарабынан 19, 30–31, 33, 52 жана 63-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген жана 33A – 33H, 59A – 59B, 63D жана B44A– B44C-пункттар жана алар менен байланышкан аталыштар кошумчаланган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2018-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана бул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

63E 2018-жылы чыгарылган *"ФОЭС стандарттарындагы концептуалдык негиздерге шилтемелерге түзөтүүлөр"* А тиркемесиндеги үлүштүк инструменттин аныктамасына карата шилтемеге түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Эгерде ошол эле учурда ишкана ошондой эле *"ФОЭС стандарттарындагы концептуалдык негиздерге шилтемелерге түзөтүүлөргө»* киргизилген бардык башка түзөтүүлөрдү колдонсо, уруксат берилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 2ге карата түзөтүүнү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ушул стандарттын 53–59-пункттарындагы өткөөл жоболорду эске алуу менен

ретроспективдик колдонууга тийиш. Бирок, эгерде ишкана ретроспективдик колдонуу иш жүзүндө жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес же ашкере чыгымдарды жана аракеттерди талап кылат деп аныктаса, ал ФОЭС (IAS) 8дин 23–28, 50–53 жана 54F-пункттарына таянуу менен ФОЭС (IFRS) 2ге карата түзөтүүнү колдонууга тийиш.

## Түшүндүрмөлөрдүн колдонулушун токтотуу

64 2009-жылдын июнунда чыгарылган *«Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөрдү болжолдогон топтордун алкагындагы операциялар»* документи *«ФОЭС (IFRS) 2ни колдонуу чөйрөсү»* ЭФОТК (IFRIC) 8 түшүндүрмөсүн жана «ФОЭС (IFRS) 2 – *Топтордун акциялары жана казыналык акциялар менен операциялар»* ЭФОТК (IFRIC) 11 түшүндүрмөсүн алмаштырат. Ушул документ менен киргизилген түзөтүүлөр ЭФОТК (IFRIC) 8 түшүндүрмөсүндө жана ЭФОТК (IFRIC) 11 түшүндүрмөсүндө мурда баяндалган төмөнкүдөй талаптарды камтыйт:

(a) операцияларды эсепке алуу жагынан оңдолгон 2-пункт жана кошумчаланган 13А-пункт, алардын учурунда ишкана айрым же бардык алынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү идентификациялай албайт. Көрсөтүлгөн талаптар 2006-жылдын 1-майынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер жагынан анык болгон.

(b) топтун ишканаларынын ортосундагы операцияларды эсепке алуу жагынан В тиркемесиндеги кошумчаланган В46, В48, В49, В51–В53, В55, В59 жана В61-пункттар. Көрсөтүлгөн талаптар 2007-жылдын 1-мартынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер жагынан анык болгон.

Көрсөтүлгөн талаптар ФОЭС (IFRS) 2де баяндалган өткөөл жоболор аткарылган шартта ФОЭС (IAS) 8дин талаптарына ылайык ретроспективдүү колдонулган.

## А тиркемеси

## Терминдердин аныктамасы

*Ушул тиркеме бул ФОЭСтин ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция** | Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция, анда ишкана товарларды жана кызматтарды ишкананын же топтогу башка ишкананын үлүштүк инструменттеринин (анын ичинде акциялардын жана акцияларга опциондордун) баасына (же наркына) негизделген суммадагы акча каражаттарын же башка активдерди ал товарларды жана кызматтарды берүүчүлөргө которуу милдеттенмелерин алуу аркылуу сатып алат. |
| **окшош кызмат көрсөтүүчү кызматкерлер жана башка адамдар** | Ишканага өзүнүн кызматын көрсөткөн жана (a) юридикалык же салык максаттары үчүн кызматкерлер катары каралган, (b) ишканага анын жетекчилиги астында юридикалык же салык максаттары үчүн кызматкерлер катары каралган адамдардай эле түрдө иштеген же (c) алардын кызмат көрсөтүүлөрү кызматкерлердин кызмат көрсөтүүлөрүнө окшош болгон жеке жактар. Мисалы, бул аныктама бүткүл башкаруучу персоналды, башкача айтканда, ишкананын ишмердүүлүгүн пландаштырууга, башкарууга жана контролдоого ыйгарым укуктары бар жана алар үчүн жоопкерчилик тарткан адамдарды, анын ичинде ишкананын аткаруучу эмес директорлорун камтыйт. |
| **үлүштүк инструмент** | Ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийин калган анын активдериндеги калдык үлүшкө укукту ырастаган келишим.[5] |
| **берилген үлүштүк инструмент** | Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча макулдашуунун алкагында ишкана башка тарапка берген ишкананын үлүштүк инструментине (шарттуу же шартсыз) укук. |
| **үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөм операциясы** | Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция, анын учурунда ишкана:<br>(a) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү өзүнүн үлүштүк инструменттери (анын ичинде акциялары же акцияларга опциондору) үчүн ордун толтуруу иретинде алат, же<br>(b) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алат, бирок берүүчү менен операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү милдетин албайт. |

[5] 2018-жылы чыгарылган «Финансылык отчеттуулукту берүүнүн концептуалдык негиздери» милдеттенмени өткөн окуялардын натыйжасында келип чыккан экономикалык ресурсту өткөрүп берүү боюнча ишкананын азыркы учурда болгон милдети катары аныктайт.

| | |
|---|---|
| **адилет нарк** | Жакшы маалыматтанган жана операцияларды жүргүзүүгө даяр тараптардын ортосунда активге алмашууга, милдеттенмени төлөөгө же үлүштүк инструментти берүүгө боло турган сумма. |
| **берүү күнү** | Ишкана жана башка тарап (анын ичинде кызматкер) акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун шарттары тууралуу макулдашкан, ишканада жана контрагентте макулдашуунун шарттарын жалпы түшүнүү болгон учур жеткен күн. Берүү күнүнө карата ишкана контрагентке ишкананын акча каражаттарына, башка активдерине же үлүштүк инструменттерине укукту, эгерде булар бар болсо, укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттары сакталган учурда берет. Эгерде бул макулдашуу ырасталууга (мисалы, акционерлер тарабынан) тийиш болсо, анда бул ырастоо болуп өткөн күн берүү күнү болуп саналат. |
| **ички нарк** | Контрагент жазылууга же алууга (шарттуу же шартсыз) укугу бар акциялардын адилет наркынын жана бул акцияларга контрагент учурда (келечекте) төлөөгө тийиш баанын (эгерде ал бар болсо) ортосундагы айырма. Мисалы, аткаруу баасы 15 а.б.[6] болгон акция опционунун адилет наркы 20 а.б. болгон акцияга карата анын ички наркы 5 а.б. болот. |
| **баалоо күнү** | Ушул ФОЭСтин максаттары үчүн берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы бааланган күн. Окшош кызмат көрсөткөн кызматкерлер жана башка адамдар менен операциялар үчүн баалоо күнү болуп берүү күнү саналат. Кызматкерлер (жана ушундай кызмат көрсөткөн адамдар) болуп саналбаган тараптар менен операциялар үчүн баалоо күнү болуп ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн күн саналат.<br>(a) акциянын белгилүү бир баасына же акцияларга опциондун ички наркынын белгилүү бир суммасына жетишүү; же болбосо<br>(b) башка ишканалардын үлүштүк инструменттеринин рыноктук бааларынын индексине карата ишкананын үлүштүк инструменттеринин (же ошол эле топтун курамындагы башка ишкананын үлүштүк инструменттеринин) рыноктук баасына негизделген белгиленген максаттуу көрсөткүчкө жетишүү.<br>Рыноктук шарт контрагент кызмат көрсөтүүнүн айрым мезгилин аякташын талап кылат (башкача айтканда, кызмат көрсөтүү мезгилинин шарты); кызмат көрсөтүү мезгили жагындагы талап айкын же болбосо болжолдогудай болушу мүмкүн. |

6 Ушул тиркемеде акчалай суммалар «акча бирдиктеринде (а.б.)» берилет.

© ФОЭС Фонду

**натыйжалуулукка жетишүү шарты**

Укуктарды өткөрүп берүү шарты, ал буларды талап кылат:

(a) контрагент кызмат көрсөтүүнүн айрым мезгилин аякташы (башкача айтканда, кызмат көрсөтүү мезгилинин шарты); кызмат көрсөтүү мезгили жагындагы талап айкын же болбосо болжолдогудай болушу мүмкүн; жана

(b) контрагент (a) пунктчасында каралган кызмат көрсөтүү мөөнөтүнүн ичинде ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун айрым максаттуу көрсөткүчүнө (көрсөткүчтөрүнө) жетишүү.

Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун айрым максаттуу көрсөткүчүнө (көрсөткүчтөрүнө) жетишүү мөөнөтү:

(a) кызмат көрсөтүү мезгилинин аягынан ашууга тийиш эмес; жана

(b) ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун максаттуу көрсөткүчүнө жетишүү мезгилинин башталышы кызмат көрсөтүү мөөнөтүнүн башталышынан кыйла ашпаган шартта кызмат көрсөтүү мезгилине чейин башталышы мүмкүн.

Натыйжалуулуктун максаттуу көрсөткүчү төмөнкүлөрдүн негизинде аныкталат:

(a) ишкананын өз операцияларынын (же ишмердүүлүгүнүн) же болбосо ошол эле топтун курамындагы башка ишкананын операцияларынын же ишмердүүлүгүнүн (башкача айтканда, рыноктук эмес шарт); же болбосо

(b) ишкананын үлүштүк инструменттеринин баасынын (же наркынын) же ошол эле топтун курамындагы башка ишкананын үлүштүк инструменттеринин (анын ичинде акциялар жана акцияларга опциондор) (башкача айтканда, рыноктук шарт).

Натыйжалуулуктун максаттуу көрсөткүчү бүтүндөй алганда, ишкананын ишине же болбосо анын кандайдыр-бир бөлүгүнө (же топтун бөлүгүнө), мисалы, бөлүмгө же айрым кызматкерге таандык болушу мүмкүн.

**револьвердик шарт**

Опционду кармоочу аткаруунун баасын төлөө үчүн акча каражаттарды эмес, ишкананын акцияларын пайдаланып, мурда берилген опционду аткарган ар бир учурда акцияларга кошумча опциондорду өзүнөн-өзү берүүнү камсыз кылган шарт.

| | |
|---|---|
| **револьвердик опцион** | Акцияларга мурдагы опционду аткаруунун баасын төлөө үчүн акциялар колдонулган учурда берилүүчү акцияларга жаңы опцион. |
| **кызмат көрсөтүү мезгилинин шарты** | Укуктарды өткөрүп берүү шарты, ал ишкана кызмат көрсөтүп жаткан айрым мезгилдин ичинде контрагент аны аякташын талап кылат. Эгерде контрагент себептерге карабастан укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде кызмат көрсөтүүсүн токтотсо, ал ушул шартты аткарбайт. Кызмат көрсөтүү мезгилинин шарты ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун айрым максаттык көрсөткүчүнө жетишүүнү талап кылбайт. |
| **акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу** | Ишкананын (же топтун[7] башка ишканасынын же топтун ар кандай ишканасынын ар кандай акционеринин) жана төмөнкүлөрдү алууга башка тарапка укук берип жаткан башка тараптын (анын ичинде кызматкердин) ортосундагы макулдашуу:<br><br>(a) тиешелүү ишкананын же топтун башка ишканасынын үлүштүк инструменттеринин (анын ичинде акцияларынын же акцияларга опциондорунун) баасына (же наркына) негизделген суммалардагы ишкананын акча каражаттарын же башка активдерин, же<br><br>(b) эгерде булар бар болсо, укуктарды өткөрүп берүүнүн айрым шарттары сакталган учурда, тиешелүү ишкананын же топтун башка ишканасынын үлүштүк инструменттерин (анын ичинде акцияларын же акцияларга опциондорун). |
| **акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция** | Ишкана бул операцияда:<br>(a) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдөн (кызматкерин кошкондо) акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун алкагында алат; же<br><br>(b) ал товарларды жана кызматтарды топтогу башка ишкана алган учурда, берүүчү менен операция боюнча милдеттенмелерди акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун алкагында аткарууну өз мойнуна алат. |
| **акцияларга опциондор** | Белгилүү бир мезгил ичинде бекитилген же аныкталуучу баа боюнча ишкананын акцияларына кол коюуга кармоочуга милдетти эмес, укукту берген келишим. |
| **укуктарды өткөрүп берүү** | Укук берүү. Акцияларга негизделген төлөмдөр келишимине ылайык, ишкананын акча каражаттарын, башка активдерин же үлүштүк инструменттерин контрагенттин алуу укугу, контрагент укуктарды өткөрүп берүүнүн белгилүү шарттарын аткаруудан көз каранды болбой калган учурда, контрагентке өтөт. |

7 «Топ» термини «Бириктирилген финансылык отчеттуулук» ФОЭС (IFRS) 10дун А тиркемесинде отчет берүүчү ишкананын акыркы башкы ишканасынын көз карашынан алганда «башкы ишкана жана анын туунду ишканалары» катары аныкталат.

| | |
|---|---|
| **укуктарды өткөрүп берүү шарты** | Акцияларга негизделген төлөмдөр келишимине ылайык, ишкананын акча каражаттарын, башка активдерин же үлүштүк инструменттерин алууга контрагентке укук берген кызматтарды ишкана алаарын аныктаган шарттар. Укуктарды өткөрүп берүү шарттары – бул же кызмат көрсөтүү мезгилинин шарттары же натыйжалуулукка жетишүүнүн шарттары. |
| **укуктарды өткөрүп берүү мезгили** | Анын аралыгында акцияларга негизделген төлөмдөр келишими боюнча бардык белгиленген укуктарды өткөрүп берүү шарттары аткарылууга тийиш болгон мезгил. |

# В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

### Берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын баалоо

B1 Бул тиркеменин B2–B41-пункттарында берилген акциялардын жана акцияларга опциондордун адилет наркын баалоо каралат. Негизги көңүл кызматкерлерге акцияларды жана акцияларга опциондорун берүү боюнча операциялардын орун алган мүнөздөмөлөрү болуп саналган айрым шарттарга бурулат. Буга байланыштуу ал толук болуп саналбайт. Мындан тышкары, мындан ары каралуучу баалоо маселелери негизинен кызматкерлерге берилген акцияларга же акцияларга опциондорго тиешелүү болгондуктан, акциялардын же акцияларга опциондордун адилет наркы берүү күнүнө карата бааланат деген божомол кабыл алынат. Бирок, мындан ары каралып жаткан баалоо маселелеринин көпчүлүгүн (мисалы, күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү аныктоо) ошондой эле ишкана товарларды алган же контрагент кызмат көрсөткөн учурдагы күнгө карата кызматкерлер болуп саналбаган тараптарга берилген акциялардын же акцияларга опциондордун адилет наркынын эсептешүү баасынын контекстинде колдонууга болот.

#### Акциялар

B2 Кызматкерлерге берилген акциялардын адилет наркы акциялар берилген шарттар (буга 19–21-пункттарга ылайык адилет наркты баалоодон алып салынуучу укуктарды өткөрүп берүү шарттары кирбейт) эске алынгыдай түрдө оңдоп-түзөлгөн ишкананын акцияларынын рыноктук баасы боюнча (же эгерде ишкананын акциялары рынокто эркин жүгүртүлбөсө, эсептелген рыноктук баа боюнча) бааланууга тийиш.

B3 Мисалы, эгерде кызматкер укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде дивиденддерди алууга укуксуз болсо, бул фактор берилген акциялардын адилет наркын баалоо учурунда эске алынууга тийиш. Ушундай эле, эгерде укуктар өткөрүлүп берилген күндөн кийин акцияларды өткөрүп берүүгө чектөөлөр бар болсо, бул факт эске алынууга, бирок бул чектөөлөр жакшы маалыматтанган, ушундай операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучусу бул акция үчүн төлөй турган баага кандай таасир этсе, ошондой даражада эске алынууга тийиш. Мисалы, эгерде акциялар сыйымдуу жана ликвиддүү рынокто активдүү жүгүртүлүп жатса, аларга укуктар өткөндөн кийинки мезгилде акцияларды өткөрүп берүүгө чектөөлөр болор-болбос мааниге ээ болушу же болбосо жакшы маалыматтанган, ушундай операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучусу бул акция үчүн төлөй турган баага эч кандай таасири болбошу мүмкүн. Акцияларды берүүгө чектөөлөр же укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде болгон башка чектөөлөр берүү күнүнө карата акциялардын адилет наркын баалоо учурунда эске алынууга тийиш эмес, анткени бул чектөөлөр укуктарды өткөрүп берүү шарттары болушуна байланыштуу келип чыгат, алар 19–21-пункттарга ылайык эске алынат.

#### Акцияларга опциондор

B4 Кызматкерлерге берилген акцияларга опциондор үчүн көпчүлүк учурда рыноктук баалар жеткиликтүү эмес, анткени берилген опциондор боюнча шарттар белгиленген, алар рынокто жүгүртүлүп жаткан опциондорго карата колдонулбайт. Эгерде рынокто шарттары ушундай опциондор жүгүртүүдө жок болсо, анда берилген опциондордун адилет наркы

опциондун баасын аныктоо моделин колдонуунун баасын аныктоо моделин колдонуу аркылуу бааланууга тийиш.

B5 Ишкана жакшы маалыматтанган болгон, операция жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучулары опциондун баасын аныктоо моделин тандоодо карай турган факторлорду эске алууга тийиш. Мисалы, кызматкерлерге берилип жаткан көпчүлүк опциондордун узак мөөнөтү бар; демейде алар укуктарды өткөрүп берүү күнүнүнү жана опциондун мөөнөтү аякташынын ортосундагы мезгилдин ичинде аткарылышы мүмкүн жана көп учурда мөөнөтүнөн мурда аткарылат. Бул факторлорду берүү күнүнө карата опциондордун адилет наркын баалоо учурунда эске алуу керек. Көпчүлүк ишканалар үчүн бул факторлор опциондун мөөнөтү аяктаганга чейин аны аткаруу мүмкүнчүлүгүн карабаган Блэк – Шоулз – Мертон формуласын пайдаланууну мүмкүн эмес кылат жана күтүлүп жаткан мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасирин туура эмес чагылдырышы мүмкүн. Бул модель ошондой эле күтүлүп жаткан өзгөрүлмөлүүлүк жана модель үчүн башка баштапкы маалымат опциондун мөөнөтүнүн ичинде өзгөрүшү мүмкүн экендигинин мүмкүнчүлүгүн эске албайт. Бирок келишимде каралган салыштырмалуу кыска мөөнөтү бар же укуктарды өткөрүп берүү күнүнөн кийин кыска убакыттын ичинде аткарылууга тийиш болгон акцияларга опциондорго көрсөтүлгөн факторлорду колдонууга болбойт. Бул учурларда Блэк – Шоулз – Мертон формуласы натыйжа бербейт, ал иш жүзүндө опциондун баасын аныктоонун алда канча өзгөрүлмө моделин колдонуунун натыйжасында алына турган натыйжага дал келет.

B6 Опциондун баасын аныктоонун бардык моделдери бери болгондо төмөнкүдөй факторлорду эске алат:

(a) опционду аткаруунун баасын;

(b) опциондун мөөнөтүн;

(c) базалык акциялардын учурдагы баасын;

(d) акциялардын баасынын күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүгүн;

(e) акциялар боюнча күтүлгөн дивиденддерди (эгерде колдонууга мүмкүн болсо); жана

(f) опциондун мөөнөтүнө тобокелсиз пайыздык ставканы.

B7 Жакшы маалыматтанган, операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучулары бааны аныктоодо карай турган башка факторлор да эске алынууга тийиш (буга укуктарды өткөрүп берүү шарттары жана револьвердик шарттар кирбейт, алар 19–22-пункттарга ылайык адилет наркты баалоодон алып салынат).

B8 Мисалы, кызматкерге берилген акцияларга опцион демейде айрым мезгилдин ичинде (мисалы, укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин же баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуучулар белгилеген мезгилдердин ичинде) аткарылышы мүмкүн эмес. Бул фактор, эгерде опциондун баасын аныктоонун колдонулган методу опцион анын мөөнөтүнүн ичинде каалаган учурда аткарылышы мүмкүн деп болжолдосо, эске алынууга тийиш. Бирок, эгерде ишкана опциондун мөөнөтүнүн аягында гана аткарылышы мүмкүн болгон опциондорду баалоого арналган опциондун баасын аныктоо моделин колдонсо, анда укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин (же опциондун мөөнөтүнүн ичиндеги башка мезгилдердин) ичинде аларды аткаруу мүмкүн эместигин эсепке алуу үчүн эч кандай

оңдоп-түзөө талап кылынбайт, анткени модель опциондор ушул мезгилдердин ичинде аткарылышы мүмкүн эместигин карайт.

B9 Ушундай эле түрдө опционду мөөнөтүнөн мурда аткаруу мүмкүнчүлүгү кызматкерлерге берилүүчү акцияларга опциондор үчүн мүнөздүү болгон дагы бир фактор болуп саналат, анткени опцион эркин берилиши мүмкүн эмес же кызматкер ага өткөн бардык укуктарды иштен бошонгон учурда аткарууга тийиш. Күтүлүп жаткан мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасири B16–B21-пункттарда көрсөтүлгөндөй эске алынууга тийиш.

B10 Жакшы маалыматтанган, операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучусу акцияларга опциондун (же башка үлүштүк инструменттердин) баасын аныктоо учурунда карабай турган факторлор берилген акцияларга опциондордун (же башка үлүштүк инструменттердин) адилет наркын баалоо учурунда эске алууга тийиш эмес. Мисалы, кызматкерлерге берилген акцияларга опциондор үчүн айрым кызматкердин көз карашынан гана опциондун наркына таасир этүүчү факторлор жакшы маалыматтанган, операцияны жүргүзүүгө ниеттенген рыноктун катышуучусу белгилеген бааны баалоо үчүн маанилүү эмес.

### Опциондордун баасын аныктоо моделдери үчүн баштапкы маалымат

B11 Акциялардын жана алар боюнча дивиденддердин негизиндеги күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү баалоо учурунда опцион үчүн алмашуунун учурдагы рыноктук же келишимдик баасында чагылдырыла турган божомолдун жакын баасы максат болуп саналат. Ушундай эле түрдө, кызматкерлерге берилүүчү акцияларга опциондорду мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасирин баалоодо максат опциондордун аткарылышы жагынан кызматкерлердин жүрүш-турушунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө кең-кесири маалыматка жеткиликтүүлүгү бар тышкы тарап берүү күнүнө карата жеткиликтүү маалыматка негизденип иштеп чыга турган божомолдорду жакындатылган баалоодо турат.

B12 Кыязы, көп учурда келечектеги өзгөрүлмөлүүлүктүн, дивиденддердин жана опциондорду аткаруу жагынан кызматкерлердин жүрүш-турушунун негиздүү божомолдорунун диапазону болушу мүмкүн. Мындай учурда диапазондун ичиндеги ар бир сумманы таразалоо аркылуу күтүлгөн наркты алардын келип чыгышынын ыктымалдуулугун эске алуу менен эсептөө керек.

B13 Эгерде келечектеги шарттар мурда байкалган шарттардан айырмаланат деп негиздүү болжолдоого мүмкүн болсо, келечектеги божомолдор, эреже катары, тажрыйбага негизделет, бирок өзгөрөт. Айрым учурларда идентификацияланууччу факторлор оңдоп-түзөлбөгөн өткөн мезгил ичиндеги тажрыйба келечектеги тажрыйбаны алдын ала айтуунун начар аспабы болуп санала тургандыгын көрсөтүшү мүмкүн. Мисалы, эгерде бизнестин так айырмаланган эки багыты бар ишкана алардын бирин сатса, ал башкасына караганда азыраак тобокелдүү болсо, анда өткөн мезгилдердин өзгөрүлмөлүүлүгү жөнүндө маалыматтар келечектеги өзгөрүлмөлүүлүк жөнүндө акылга сыярлык божомолдорду негиздөөгө боло турган жакшы маалымат боло албайт.

B14 Айрым башка жагдайларда өткөн мезгилдин маалыматы жеткиликтүү эмес болушу мүмкүн. Мисалы, баалуу кагаздары уюштурулган соодага кайрадан киргизилген ишкана анын акцияларынын өзгөрүлмөлүүлүгү жөнүндө анча маанилүү эмес өткөн мезгилдин маалыматына ээ болушу мүмкүн же мындай маалыматка таптакыр ээ болбошу мүмкүн. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилбеген жана кайрадан киргизилген ишкана алдыда каралат.

© ФОЭС Фонду

B15 Бүтүндөй алганда, ишкана өзгөрүлмөлүүлүктүн баасын, опциондорду аткаруу жагынан кызматкерлердин жүрүш-турушун жана дивиденддердин баасын өткөн мезгилдин маалыматы, күтүлүп жаткандай, келечекти кандай өлчөмдө негиздүү болжолдооруна карабастан, өткөн мезгилдин маалыматына гана негиздөөгө тийиш эмес.

### Күтүлүп жаткан мөөнөтүнөн мурда аткаруу

B16 Кызматкерлер көп учурда ар түрдүү себептерден улам акцияларга опциондорду мөөнөтүнөн мурда аткарат. Мисалы, кызматкерлерге берилүүчү акцияларга опциондор демейде өткөрүп берилүүгө жатпайт. Бул көп учурда кызматкерлер өздөрүнүн акцияларга опциондорун мөөнөтүнөн мурда аткарышына алып келет, анткени бул кызматкерлер үчүн өздөрүнүн опциондорун ишке ашыруу үчүн жападан жалгыз ыкма. Мындан тышкары, демейде иштен бошонуп жаткан кызматкерлерден аларга карата укуктар өздөрүнө өткөрүп берилген бардык опциондорду аткарууну талап кылышат, андай болбогон учурда алар боюнча укуктар жоголот. Бул фактор ошондой эле кызматкерлерге берилүүчү акцияларга опциондорду мөөнөтүнөн мурда аткарууну пайда кылат. Мөөнөтүнөн мурда аткарууга алып келүүчү башка факторлор тобокелдикти кабыл албоону жана мүлктү жетиштүү эмес диверсификациялоону камтыйт.

B17 Ал тарабынан күтүлгөн мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасири эске алынган ыкма опциондун баасын аныктоонун колдонулуучу моделинин түрүнө байланыштуу. Мисалы, күтүлгөн мөөнөтүнөн мурда аткаруу опциондун колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн (ал кызматкерге берилүүчү акцияларга опциондор үчүн опционду берген күндөн тартып аны күтүлгөн аткаруу күнүнө чейинки мезгил болуп саналат) опциондун баасын аныктоо модели үчүн (мисалы, Блэк – Шоулз – Мертон формуласы боюнча) баштапкы маалымат катарында пайдалануу аркылуу эске алынышы мүмкүн. Альтернатива катарында күтүлгөн мөөнөтүнөн мурда аткаруу опциондун баасын аныктоонун биноминалдык же аналогдук моделинде туюндурулушу мүмкүн, ал опциондун колдонулушунун келишимде каралган мөөнөтүн баштапкы маалымат катары пайдаланат.

B18 Мөөнөтүнөн мурда аткарууну баалоо учурунда кароо зарыл болгон факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин узактыгын, анткени акцияларга опцион демейде укуктарды өткөрүп берүү мезгили аяктаганга чейин аткарылышы мүмкүн эмес. Тиешелүү түрдө, күтүлүп жаткан мөөнөтүнөн мурда аткаруунун натыйжаларын аныктоо опциондорго укуктар өтүп кетет деген божомолго негизделген. Укуктарды өткөрүп берүү шарттарынын натыйжалары 19–21-пункттарда каралат;

(b) орточо мөөнөт, анын ичинде окшош опциондор өткөн мезгилде аткарылбаган бойдон калган;

(c) акцияларга негизделген баа. Тажрыйба акциялардын баасы аткаруу баасынан жогору болгон айрым деңгээлге жеткенде кызматкерлер опциондорду аткарууга умтулганын далилдей алат;

(d) уюштуруу түзүмүндөгү кызматкердин абалы. Мисалы, алда канча жогорку абалды ээлеген кызматкерлер демейде алда канча төмөн кызматтардагы кызматкерлерге караганда опциондорду кеч аткарганын тажрыйба айгинелей алат (бул маселе B21-пунктта алда канча кең-кесири талкууланат);

© ФОЭС Фонду

(e) акцияларга негизделген күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүк. Орточо алганда кызматкерлер өзгөрүлмөлүүлүгү алда канча төмөн акцияларга караганда өзгөрүлмөлүүлүгү жогору акцияларга опциондорду мурда аткарууга умтулат.

B19 B17-пунктта белгиленгендей, мурда аткаруунун таасири опциондун колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн баалоону опциондун баасын аныктоо модели үчүн баштапкы маалымат катарында пайдалануу жолу менен эсепке алынышы мүмкүн. Кызматкерлердин тобуна берилген акцияларга опциондордун колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүн баалоо учурунда ишкана опциондорду аткаруу жагынан кызматкерлердин жүрүш-турушу жөнүндө алда канча кең-кесири маалыматка негизденип, бул бааны кызматкерлердин бүткүл тобу үчүн же кызматкерлердин ар бир чакан тобу үчүн колдонуунун эсептелген орточо алынган күтүлгөн мөөнөтүнө ойдогудай түрдө негиздей алат (алдыда каралат).

B20 Опционду берүү жөнүндө макулдашууну аткарууга карата бирдей жүрүш-турушу менен кызматкерлердин топторуна бөлүү, кыязы, маанилүү фактор болот. Опциондун наркы опциондун колдонулушунун линиялык функциясы болуп саналбайт; нарк мөөнөт көбөйүшүнө жараша азайып бараткан темп менен жогорулайт. Мисалы, башка бирдей божомолдордун учурунда, деген менен эки жылдык опцион бир жылдык опционго караганда кымбат турат, бирок эки эсе эмес. Бул колдонуунун өтө айырмаланган айрым мөөнөттөрүн камтыган колдонуунун орточо алынган мөөнөтүнүн негизинде гана опциондун болжолдонгон наркын эсептеп чыгуу берилген акцияларга опциондордун жалпы адилет наркын жогорулатат. Берилген опциондорду колдонуунун орточо алынган мөөнөтүнүн эсебине киргизилген колдонуу мөөнөттөрүнүн салыштырмалуу тар диапазону ар биринде бар болгон бир нече топко бөлүү бул жогорулатууну азайтат.

B21 Ушундай эле ой жүгүртүү биномиалдык же аналогдук моделди пайдалануу учурунда колдонулушу мүмкүн. Мисалы, бардык деңгээлдердеги кызматкерлерге опциондорду берип жаткан ишкананын тажрыйбасы буларды көрсөтө алат: жогорку звенодогу жетекчилер демейде өз опциондорун орто звенодогу жетекчилерге караганда кармап турат, ал эми төмөн абалды ээлеген кызматкерлер өз опциондорун ар кандай башка топко караганда эрте аткарууга умтулат. Мындан тышкары, алардын иш берүүчүсүнүн үлүштүк инструменттеринин минималдуу санын, анын ичинде опциондорду кармап туруу талап кылынган же алар үчүн бул кубатталган кызматкерлер бул шарт колдонулбаган кызматкерлерге караганда опциондорду орточо кеч аткарышы мүмкүн. Мындай кырдаалдарда аткаруу жагынан жүрүш-турушу салыштырмалуу бирдей болгон алуучулардын тобуна опциондорду бөлүштүрүү берилген акцияларга опциондордун жалпы адилет наркын алда канча так баалоого алып келет.

### Күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүк

B22 Күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүк көлөмдүн көрсөткүчү болуп саналат, анын баасы, күтүлүп жаткандай, мезгил ичинде өзгөрүп турат. Опциондун баасын аныктоо моделинде колдонулуучу өзгөрүлмөлүүлүктүн көрсөткүчү болуп мезгил ичинде үзгүлтүксүз татаал пайыз формуласы боюнча эсептелген акциялардын кирешелүүлүгүнүн ченемдеринин жылдык маанилерине карата келтирилген стандарттуу четтөөсү саналат. Өзгөрүлмөлүүлүк, эреже катары, жылдык маанилеринде келтирилген маанилерден көрүнүп турат, алар эсептөө учурунда колдонулган мезгилге, мисалы, баага ар күндөгү, ар жумадагы же ар айдагы байкоолорго карабастан салыштырылат.

B23 Мезгил үчүн акциялар боюнча кирешелүүлүктүн ченеми (ал оң же терс болушу мүмкүн) акциянын баасынын дивиденддеринен жана өсүшүнөн (же азайышынан) акционер кандай пайда алаарын баалайт.

B24 Жылдык мaанилеринде көрсөтүлгөн акциялардын күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүгү диапазон болуп саналат, ага, күтүлүп жаткандай, үчтөн эки учурда кирешелүүлүктүн үзгүлтүксүз кошуп эсептелүүчү ченеми туура келет. Мисалы, эгерде үзгүлтүксүз татаал пайыз формуласы боюнча эсептелген 12% кирешелүүлүгүнүн күтүлгөн ченеми менен акциянын 30% өзгөрүлмөлүүлүгү бар деп айтылса, бул төмөнкүлөрдү билдирет: акциянын бир жылдагы кирешелүүлүгүнүн ченеми –18% (12% – 30%) жана 42% (12% + 30%) ортосунда боло тургандыгынын ыктымалдуулугу болжол менен үчтөн экиге барабар. Эгерде акциянын баасы жыл башына карата 100 акча бирдигин түзсө жана дивиденддер төлөнбөсө, анда жыл аягына карата 83,53 а. б. (100 а. б. × б$^{0,18}$) жана 152,20 а. б. (100 а. б. × б$^{0,42}$) ортосунда болот, ыктымалдуулук болжол менен үчтөн эки.

B25 Күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү баалоо учурунда кароо керек болгон факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) рынокто жүгүртүлүп жаткан ишкананын акцияларга опциондорунун же рынокто жүгүртүлүп жаткан ишкананын башка инструменттеринин ички өзгөрүлмөлүүлүгүн, алар, опциондордун (мисалы, конвертациялануучу карыздык инструменттердин), эгерде алар бар болсо, мүнөздөмөлөрүн камтыйт;

(b) соңку мезгилдин өзүнүн ичинде акцияларга баанын өткөн мезгил ичинде өзгөрүлмөлүүлүгүн, аны негизинен опциондун күтүлгөн мөөнөтү менен салыштырууга болот (келишимде каралган опциондун калган мөөнөтүн жана күтүлгөн мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасирин эске алып);

(c) анын ичинде ишкананын акциялары рынокто эркин жүгүртүлгөн мезгил. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага кайрадан киргизилген ишкана мурда киргизилген ушундай ишканаларга салыштырганда жогорку өткөн мезгилдеги өзгөрүлмөлүүлүккө ээ болушу мүмкүн. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага кайрадан киргизилген ишканалар боюнча алда канча кең-кесири көрсөтмөлөр алдыда берилген:

(d) өзгөрүлмөлүүлүктүн өзүнүн орточо санына, башкача айтканда, узак мөөнөттүү орточо деңгээлине кайтып келүү тенденциясы жана күтүлгөн келечектеги өзгөрүлмөлүк өткөндөгү өзгөрүлмөлүүлүктөн айырмалана тургандыгын көрсөткөн башка факторлор. Мисалы, эгерде ишкананын акциясынын баасы оңунан чыкпай калган сиңирүүдөн же кыйла кайра түзүмдөштүрүүдөн улам айрым мезгил бою өтө өзгөрүлмө болсо, анда бул мезгил өткөн мезгилдеги орточо жылдык өзгөрүлмөлүүлүктү эсептөө учурунда эске алынбашы мүмкүн.

(e) баага байкоо жүргүзүү үчүн тиешелүү жана туруктуу интервалдар. Баага байкоо жүргүзүү мезгилден мезгилге салыштыргыдай болууга тийиш. Мисалы, ишкана ар бир жума үчүн жабуу баасын же жума үчүн эң жогорку бааны пайдалана алат, бирок жалаң жумалар үчүн жабуу баасын жана башка жумалар үчүн эң жогорку бааны пайдаланууга тийиш эмес. Мындан тышкары, баага байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары аткаруунун баасы сыяктуу эле валюта менен көрсөтүлүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

*Баалуу кагаздары уюштурулган соодага кайрадан киргизилген ишканалар*

B26 B25-пунктта белгиленгендей, ишкана эң соңку мезгилдин ичиндеги акциянын баасынын өткөн мезгилдеги өзгөрүлмөлүүлүгүн кароого тийиш, ал негизинен опциондун күтүлгөн мөөнөтү менен бирдей. Эгерде баалуу кагаздары уюштурулган соодага кайрадан киргизилген ишканада өткөн мезгилдеги өзгөрүлмөлүүлүк жөнүндө жетиштүү маалымат жок болсо, анда ал ошого карабастан анын акцияларынын соодасы жүргөн эң узак мезгил үчүн тарыхый өзгөрүлмөлүктү эсептөөгө тийиш. Ишкана ошондой эле окшош ишканалардын өнүгүшүнүн салыштырылуучу мезгилин пайдаланып, алардын өткөн мезгилдеги өзгөрүлмөлүүлүгүн карай алат. Мисалы, баалуу кагаздары уюштурулган соодага бир жыл мурда гана киргизилген жана колдонулушунун орточо күтүлгөн мөөнөтү беш жыл болгон опциондорду берген ишкана төмөнкүдөй мезгилдин ичинде бул ишканалардын акциялары ачык рынокто жүгүртүлгөн алгачкы беш жыл үчүн ушул эле тармактагы ишканалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн аракетин жана деңгээлин карай алат.

*Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилбеген ишканалар*

B27 Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилбеген ишкананын күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү баалоо учурунда кароо керек болгон өткөн мезгилдин маалыматы болбойт. Анын ордуна кароо керек болгон айрым факторлор төмөндө баяндалган.

B28 Айрым учурларда баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилбеген, кызматкерлер (же башка тараптар) үчүн опциондорду же акцияларды дайыма чыгарып турган ишкана өзүнүн акциялары үчүн ички рынокту белгилей алат. Күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү баалоо учурунда акцияларга ушул баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү эске алынышы мүмкүн.

B29 Альтернатива катары ишкана баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген, алар боюнча акциянын баасы же опциондун баасы жөнүндө маалыматы бар ушундай ишканалардын өткөн мезгилдеги же болжолдонгон өзгөрүлмөлүүлүгүн карай алат, аны күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктү балоо учурунда пайдаланууга болот. Мындай ыкма, эгерде ишкана өзүнүн акцияларынын наркын баалоону баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген окшош ишканалардын акцияларынын бааларына негиздесе, туура болот.

B30 Эгерде ишкана өзүнүн акцияларынын наркын баалоону баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген окшош ишканалардын акцияларынын бааларына негиздебесе, анын ордуна өз акцияларын баалоонун башка методикасын пайдаланса, анда ал баалоонун ушул методикасына ылайык келген күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүктүн баасын ала алат. Мисалы, ишкана өзүнүн акцияларын таза активдердин же пайданын негизинде баалай алат. Ал таза активдердин же пайданын ушул маанилеринин күтүлгөн өзгөрүлмөлүүлүгүн эске ала алат.

**Күтүлгөн дивиденддер**

B31 Берилген акциялардын же опциондордун адилет наркын баалоо учурунда күтүлгөн дивиденддерди эске алуунун кереги барбы же жокпу деген маселе дивиденддерге же дивиденддердин эквиваленттерине контрагенттин укугу бар же жоктугуна байланыштуу.

B32 Мисалы, эгерде опциондор берилген болсо жана алар өздөрүнүн акцияларынын негизинде турган дивиденддерге же дивиденддердин эквиваленттерине (алар акчалай төлөнүшү мүмкүн же аткаруунун баасын төмөндөтүшү мүмкүн) берилген күндүн жана аткаруу күнүнүн ортосундагы мезгилдин ичинде укуктуу болсо, анда берилген опциондор төлөнбөгөн акциялардын негизинде турган дивиденддер сыяктуу эле бааланууга тийиш,

башкача айтканда, күтүлгөн дивиденддер боюнча баштапкы маалымат нөлгө барабар болууга тийиш.

B33 Эгерде кызматкер укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде төлөнүүчү дивиденддерди алууга укуктуу болсо, кызматкерлерге берилген акциялардын адилет наркы берүү күнүнө карата эсептелгендей эле күтүлгөн дивиденддерге эч кандай оңдоп-түзөө талап кылынбайт.

B34 Экинчи жагынан, эгерде кызматкерлер укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде (же опциондордун учурунда аткаруу күнүнө чейин) дивиденддерге же дивиденддердин эквиваленттерине укукка ээ болбосо, акцияларды же опциондорду берүү күнүнө карата баалоо күтүлгөн дивиденддерди эске алууга тийиш. Башка сөз менен айтканда, берилген опциондун адилет наркы бааланып жатканда күтүлгөн дивиденддер опциондун баасын аныктоо модели колдонулган учурда эске алынууга тийиш. Берилген акциялардын адилет наркы бааланып жаткан учурда бул баа, күтүлүп жаткандай, укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде төлөнө турган дивиденддердин келтирилген наркына азайтылууга тийиш.

B35 Опциондордун баасын аныктоо моделдери үчүн, эреже катары, дивиденддер боюнча күтүлгөн кирешелүүлүк жөнүндө маалымат талап кылынат. Бирок кирешелүүлүктү эмес, дивиденддердин күтүлгөн суммасын пайдалангыдай түрдө өзгөртүлүшү мүмкүн. Ишкана же күтүлгөн кирешелүүлүктү, же күтүлгөн төлөмдөрдү пайдалана алат. Эгерде ишкана күтүлгөн төлөмдөрдү пайдаланса, анда ал өткөн мезгилдеги дивиденддерди жогорулатуу схемасын эске алууга тийиш. Мисалы, эгерде ишкананын саясаты дивиденддерди болжол менен бир жылда 3 пайызга көбөйтүү болуп саналса, анда опциондун күтүлгөн наркы опциондун колдонулушунун мөөнөтүнүн ичинде дивиденддин бекитилген суммасын кароого тийиш эмес, буга ушул божомолду колдогон фактылар болгон учурлар кирбейт.

B36 Эреже катары, күтүлгөн дивиденддер жөнүндө божомол жалпыга жеткиликтүү маалыматка негизделүүгө тийиш. Дивиденддерди төлөбөгөн жана аларды төлөөнү пландаштырбаган ишкана дивиденддер боюнча кирешелүүлүктү нөлгө барабар деп кабыл алууга тийиш. Бирок, дивиденддерди төлөө тарыхы болбогон жаңы ишкана кызматкерлерге берилүүчү акцияларга опциондордун колдонулушунун күтүлгөн мөөнөттөрүнүн ичинде дивиденддерди төлөөнү баштоону пландаштыра алат. Бул ишканалар дивиденддер боюнча өткөндөгү кирешелүүлүктүн (нөл) жана алар менен салыштырылуучу ишканалардын дивиденддерди боюнча кирешелүүлүгүнүн орточо маанисинин ортосундагы орточо маанисин пайдалана алат.

### Тобокелсиз пайыздык ставка

B37 Эреже катары, тобокелсиз пайыздык ставка нөлдүк купону бар мамлекеттик облигациялар боюнча учурдагы болжолдонгон кирешелүүлүк болуп саналат, ал аткаруу баасы анын валютасында көрсөтүлгөн өлкөдө чыгарылат, анын төлөөгө чейинки калган мөөнөтү бааланып жаткан опциондун күтүлгөн мөөнөтүнө барабар (келишимде каралган опциондун колдонулушунун калган мөөнөтүнүн негизинде жана күтүлгөн мөөнөтүнөн мурда аткаруунун таасирин эске алуу менен). Эгерде ушундай мамлекеттик облигациялар жана жагдайлар жок болсо, нөлдүк купону бар мамлекеттик облигациялар боюнча болжолдонгон кирешелүүлүк тобокелсиз пайыздык ставканы (мисалы, инфляциясы жогору болгон экономикаларда) чагылдырбастыгын, альтернативдүү ставкаларды колдонуу керек болушу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат. Мындан тышкары, колдонулушунун мөөнөтү бааланып жаткан опциондун колдонулушунун күтүлгөн мөөнөтүнө барабар болгон опциондун адилет наркын баалоо учурунда, эгерде рыноктун катышуучулары демейде тобокелсиз пайыздык ставканы нөлдүк купону бар мамлекеттик облигациялар боюнча болжолдонгон

кирешелүүлүктү эмес, ушул альтернативдүү ставкаларды пайдалануу аркылуу аныктаса, альтернативдүү ставкалар колдонулууга тийиш.

### Капиталдын түзүмүнө таасирлер

B38 Эреже катары, рынокто жүгүртүлүп жаткан акцияларга опциондорду ишкана эмес, үчүнчү тараптар чыгарат. Бул акцияларга опциондор аткарылып жатканда, сатуучу опционду кармоочуга акцияларды берет. Бул акциялар учурдагы акционерлерден сатып алынат. Ошентип, рынокто жүгүртүлүп жаткан акцияларга опциондорду аткаруу суюлтуучу таасирге ээ эмес.

B39 Бирок, эгерде акцияларга опциондорду ишкана чыгарса, бул акцияларга опциондорду аткаруу учурунда жаңы акциялар чыгарылат (эгерде акционерлерден сатып алынган өз акциялары катары мурда сатып алынган жана кармалып турган акциялар колдонулса, иш жүзүндө чыгарылат же маңызы боюнча чыгарылат). Акциялар аткаруу баасы боюнча чыгарылганын эске алып, бул иш жүзүндөгү же потенциалдуу суюлтуу акциянын баасын азайтышы мүмкүн, андыктан опционду кармоочу акциянын баасын төмөндөтпөгөн, рынокто жүгүртүлүп жаткан ушундай башка опционду аткарууга караганда, аткаруудан анчалык көп эмес пайданы алат.

B40 Бул фактор берилген акцияларга опциондордун наркына кыйла таасирге ээ экендиги же жоктугу мурда чыгарылган акциялардын санына салыштырганда опциондорду аткаруу учурунда чыгарыла турган жаңы акциялардын саны сыяктуу көптөгөн факторлорго байланыштуу. Мындан тышкары, эгерде рынок опциондорду берүү болуп өтөт деп күтүп жатса, анда, балким, берүү күнүнө карата ал потенциалдуу суюлтууну акциялардын баасына киргизген.

B41 Бирок ишкана берилген акцияларга опциондорду келечектеги аткаруудан ыктымалдуу суюлтуучу таасир берүү күнүнө карата алардын баалоочу адилет наркына таасир этиши мүмкүн экенин же жоктугун кароого тийиш. Опциондун баасын аныктоо моделдери ушул потенциалдуу суюлтуучу таасир эске алынгыдай түрдө адаптацияланган.

## Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулардын өзгөртүүлөрү

B42 27-пункт алар боюнча үлүштүк инструменттер берилген шарттардын ар кандай өзгөртүүлөрүнө, үлүштүк инструменттерди ушул берүүнү жоюуга же төлөөгө карабастан ишкана берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы боюнча берүү күнүнө карата бааланган, алынган кызмат көрсөтүүлөрдү бери болгондо таанууга тийиш экендигин талап кылат, буга ушул үлүштүк инструменттер укуктарды өткөрүп берүү шарттарын (рыноктук шарттарды кошпогондо) сактабагандыктан улам өтпөгөн, ал берүү күнүнө карата белгиленген учурлар кирбейт. Мындан тышкары, ишкана акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун жалпы адилет наркын жогорулаткан же башкача түрдө кызматкерге пайдалуу болгон өзгөртүүлөрдүн таасирин таанууга тийиш.

B43 27-пункттун талаптарын колдонуу үчүн:

(a) эгерде өзгөртүү берилген үлүштүк инструменттердин түздөн-түз өзгөртүүгө чейин жана андан кийин бааланган адилет наркын (мисалы, аткаруу баасын төмөндөтүп) көбөйтсө, анда ишкана берилген кошумча адилет наркты берилген үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында алынган кызмат көрсөтүүлөр

© ФОЭС Фонду

жагынан таанылган сумманын баасына кошууга тийиш. Берилген кошумча адилет нарк өзгөртүлгөн үлүштүк инструменттин адилет наркынын жана алгачкы үлүштүк инструменттин адилет наркынын ортосундагы айырма болуп саналат, аларды ар бири өзгөртүү күнүнө карата бааланат. Эгерде өзгөртүү укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде болуп өтсө, анда берилген кошумча адилет нарк өзгөртүү күнүнөн тартып алгачкы үлүштүк инструменттер берилген датага алардын адилет наркына негизделген суммага кошумча түрдө өзгөртүлгөн үлүштүк инструментке укук өткөрүлүп берилген күнгө чейинки мезгилдин ичинде алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган сумманын баасына киргизилет, ал укуктарды өткөрүп берүүнүн алгачкы мезгилинин калган мөөнөтүнүн ичинде таанылат. Эгерде өзгөртүү укуктар өткөрүлүп берилген күндөн кийин болуп өтсө, анда берилген кошумча адилет нарк дароо же, кызматкер ушул өзгөртүлгөн үлүштүк инструменттерге шартсыз укуктарды алганга чейин андан кызмат көрсөтүүнүн кошумча мезгилин аяктоо талап кылынса, укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде таанылат;

(b) ушундай эле түрдө, эгерде өзгөртүү берилген үлүштүк инструменттердин санын көбөйтсө, ишкана өзгөртүү күнүнө карата бааланган, кошумча берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын жогорудагы (а) пунктчасынын талаптарына ылайык берилген үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган суммалардын баасына киргизүүгө тийиш. Мисалы, эгерде өзгөртүү укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин ичинде болуп өтсө, анда кошумча берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркы өзгөртүү күнүнөн тартып адегенде берилген үлүштүк инструменттердин алар берилген күнгө карата адилет наркына негизделген суммага кошумча түрдө кошумча үлүштүк инструменттер боюнча укуктар өткөн күнгө чейинки мезгилдин ичинде алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган сумманын баасына киргизилет, ал укуктарды өткөрүп берүүнүн алгачкы мезгилинин калган мөөнөтүнүн ичинде таанылат.

(c) эгерде ишкана укуктарды өткөрүп берүү шарттарын бул кызматкерге пайдалуу болгудай түрдө, мисалы, укуктарды өткөрүп берүү мезгилин азайтып же болбосо өзгөртүп же натыйжалуулукка жетишүү шарттарын (рыноктук шартты кошпогондо, анын өзгөртүүлөрү жогорудагы (а) пунктчасына ылайык эсепке алынат) жокко чыгарып өзгөртсө, анда ишкана 19–21-пункттардын талаптарын колдонуу учурунда укуктарды өткөрүп берүүнүн өзгөртүлгөн шарттарын эске алууга тийиш.

B44 Эгерде ишкана берилген үлүштүк инструменттердин шарттарын акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуунун жалпы адилет наркы азайгыдай түрдө өзгөртсө же өзгөртүү башкача түрдө кызматкерге пайдалуу эмес болсо, анда ишкана ошого карабастан берилген үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында алынган кызмат көрсөтүүлөрдү эске алууну өзгөртүүлөр болуп өтпөгөндөй улантууга тийиш (айрым же бардык берилген үлүштүк инструменттерди кошпогондо, алар 28-пунктка ылайык эсепке алынууга тийиш). Мисалы:

(a) эгерде өзгөртүү түздөн-түз өзгөртүүгө чейин же андан кийин бааланган, берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркын азайтса, анда ишкана адилет нарктын ушул азаюусун эске алууга тийиш жана үлүштүк инструменттер үчүн ордун толтуруу катарында алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылган сумманы

баалоону берилген үлүштүк инструменттердин алар берилген күнгө карата адилет наркынын негизинде улантууга тийиш;

(b) эгерде өзгөртүү кызматкерге берилүүчү үлүштүк инструменттердин санын азайтса, анда бул азаюу 28-пункттун талаптарына ылайык берүү жөнүндө макулдашуунун ушул бөлүгүн жокко чыгаруу катары эске алынууга тийиш;

(c) эгерде ишкана укуктарды өткөрүп берүү шарттарын бул кызматкерге пайдасыз болгудай түрдө, мисалы, укуктарды өткөрүп берүү мезгилин көбөйтүп же болбосо азайтып же натыйжалуулукка жетишүүнүн кошумча шартын (рыноктук шарт болуп саналбаган, анын өзгөртүүлөрү жогоруда баяндалган (а) пунктчасына ылайык эсепке алынат) киргизип өзгөртсө, анда ишкана 19–21-пункттардын талаптарын колдонуу учурунда укуктарды өткөрүп берүүнүн өзгөргөн шарттарын эске алууга тийиш.

## Акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялардын модификациясын эсепке алуу, ал анын классификациясын акчалай төлөнүүчүдөн үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчүгө өзгөртөт

B44A Эгерде акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциянын шарттары өзгөрсө, анын натыйжасында ал үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция болуп калса, операция өзгөрүү күнүнөн тартып ушундай катары эсепке алынат. Атап айтканда:

(a) Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция модификациялоо күнүнө карата берилген үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде бааланат. Үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция модификациялоо күнүнө карата акциялардын курамында товарлар же кызмат көрсөтүүлөр алынган даражада таанылат.

(b) Модификациялоо күнүнө карата акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча милдеттенменин таанылышы ушул күндө токтотулат.

(c) Таанылышы токтотулган милдеттенменин баланстык наркынын жана модификациялоо күнүнө карата таанылган капиталдын суммасынын ортосундагы ар кандай айырма токтоосуз пайданын же зыяндын курамында таанылат.

B44B Эгерде модификациялоонун натыйжасында укуктарды өткөрүп берүү мезгили узартылса же кыскартылса, B44A-пункттун талаптарын колдонуу укуктарды өткөрүп берүүнүн өзгөргөн мезгилин чагылдырат. B44A-пункттун талаптары модификациялоо укуктарды өткөрүп берүү мезгилинен кийин болуп өткөн күндө да колдонулат.

B44C Акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операция жоюлушу же төлөнүшү мүмкүн (буга эгерде укуктарды өткөрүп берүү шарттары аткарылбаган болсо, конфискациялоо аркылуу жокко чыгарылган операциялар кирбейт). Эгерде үлүштүк инструменттер берилсе жана бул берүү күнүнө карата ишкана аларды акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген жоюлган төлөмдөрдү алмаштыруу катары аныктаса, ишкана B44A жана B44B-пункттарды колдонууга тийиш.

## Топтун ишканаларынын ортосундагы акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар (2009-жылдагы түзөтүүлөр)

B45 43A–43C-пункттарда ар бир ишкананын өзүнчө же жекече финансылык отчеттуулугунда топтун ишканаларынын ортосунда акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларды эсепке алуу каралат. 43A–43C-пункттардын талаптарын кантип колдонуу керектиги жөнүндө маселе B46–B61-пункттарда талкууланат. 43D-пунктта белгиленгендей, операциялардын негизиндеги төлөмдөрдү болжолдогон топтун ишканаларынын ортосундагы операциялар фактыларга жана жагдайларга жараша көптөгөн себептер боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Тиешелүү түрдө, бул маселени талкуулоо толук эмес болуп саналат жана эгерде товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкананын операция боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү милдети жок болсо, анда бул операция топтун ишканадарынын ортосунда жетишилген компенсацияны төлөө жөнүндө ар кандай макулдашууларга карабастан туунду ишкананын капиталына башкы ишкананын төгүмү болуп саналат.

B46 Төмөндө сунуш кылынган талкууда кызматкерлер менен операциялар каралганына карабастан, ал ошондой эле кызматкерлер болуп саналбаган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөр менен акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча ушундай операцияларга карата колдонулат. Башкы ишкананын жана анын туунду ишканасынын ортосунда түзүлгөн макулдашуу кызматкерлерге үлүштүк инструменттерди бергендиги үчүн башкы ишканага компенсация төлөөгө туунду ишкананы милдеттендириши мүмкүн. Талкууларда топтун ишканаларынын ортосунда жетишилген компенсация төлөө жөнүндө ушундай макулдашууларды эсепке алуу маселеси каралбайт.

B47 Акцияларга негизделген төлөмдөрдү болжолдогон топтун ишканаларынын ортосундагы операцияларды жүргүзүү учурунда демейде төрт маселе келип чыгат. Ыңгайлуулук үчүн төмөндө келтирилген мисалдар бул маселелерди башкы ишкананын жана анын туунду ишканасынын мисалында карайт.

## Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерин пайдалануу менен акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулар

B48 Биринчи маселе эсепте төмөнкүдөй операцияларды ушул ФОЭСтин талаптарына ылайык өздүк үлүштүк инструменттерди пайдалануу менен кантип: алар боюнча эсептешүүлөр үлүштүк инструменттер менен жүргүзүлгөн операциялар катары же алар боюнча эсептешүүлөр акчалай жүргүзүлгөн операциялар катары чагылдыруу керектигинде турат.

(a) кызматкерлердин алдындагы өзүнүн милдеттерин төлөө максатында ишкана өзүнүн кызматкерлерине ишкананын үлүштүк инструменттерин (мисалы, акцияларга опциондор) алууга укук берет же болбосо үлүштүк инструменттерди (башкача айтканда, кайра сатып алынган өздүк акцияларын) башка тараптан сатып алууга милдеттүү; жана

(b) ишкананын кызматкерлерине ишкананын өзү тарабынан же болбосо анын акционерлери тарабынан ишкананын үлүштүк инструменттерин (мисалы, акцияларга опциондорду) алууга укук берилет жана ишкананын акционерлери зарыл үлүштүк инструменттерди берет.

B49 Ишкана акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларды чагылдырат, мында ал алар боюнча эсептешүү үлүштүк инструменттер менен жүргүзүлүүчү операция катары

жеке өзүнүн өздүк үлүштүк инструменттери үчүн ордун толтуруу катары кызмат көрсөтүүлөрдү алат. Эсепке алуунун ушундай тартиби ишкана акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашууга ылайык кызматкерлердин алдындагы өз милдеттерин төлөө максатында бул үлүштүк инструменттерди башка тараптан сатып алууну чечкенине же ага милдеттүү болгонуна карабастан колдонулат. Ал ошондой эле төмөнкүлөргө карабастан колдонулат:

(a) ишкананын үлүштүк инструменттерине укуктар кызматкерге ишкананын өзү же анын акционери (акционерлери) тарабынан берилгенине же жоктугуна; же

(b) акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу боюнча эсептешүүлөр ишкананын өзү же анын акционери (акционерлери) тарабынан жүргүзүлгөнүнө же жоктугуна.

B50 Эгерде акционердин өзүнүн инвестицияларынын объектинин кызматкерлери менен операция боюнча эсептешүүнү жүргүзүү милдети бар болсо, ал жеке өзүнүн эмес, өз инвестицияларынын объектинин үлүштүк инструменттерин берет. Тиешелүү түрдө, эгерде инвестиция объекти топтун акционер сыяктуу эле ишканасы болуп саналса, 43С-пунктка акционер өзүнүн милдетин өзүнүн өзүнчө финансылык отчеттуулугунда – акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык, ал эми бириктирилген финансылык отчеттуулугунда үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык чагылдырууга тийиш.

### Башкы ишкананын үлүштүк инструменттерин пайдалануу менен акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуулар

B51 Экинчи маселе топтун башка ишканасынын үлүштүк инструментин пайдалануу менен акцияларга негизделген төлөмдөрдү болжолдогон бир топтун эки же бир нече ишканаларынын ортосундагы операцияларга тиешелүү. Мисалы, туунду ишкананын кызматкерлерине ушул туунду ишкана берген кызмат көрсөтүүлөр үчүн ордун толтуруу катарында анын башкы ишканасынын үлүштүк инструменттерине укуктар берилет.

B52 Тиешелүү түрдө, экинчи маселе акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө төмөнкүдөй макулдашууларга тиешелүү.

(a) башкы ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерине укуктарды өзүнүн туунду ишканасынын кызматкерлерине тикелей берет: үлүштүк инструменттерди туунду ишкананын кызматкерлерине берүү милдети (туунду ишканада эмес) башкы ишканада келип чыгат; жана

(b) туунду ишкана өзүнүн кызматкерлерине өзүнүн башкы ишканасынын үлүштүк инструменттерине укуктарды берет: үлүштүк инструменттерди өзүнүн кызматкерлерине берүү милдети туунду ишканада келип чыгат.

*Башкы ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерине укуктарды өзүнүн туунду ишканасынын кызматкерлерине берет (B52(a)-пункт)*

B53 Туунду ишкана өзүнүн кызматкерлерине өзүнүн башкы ишканасынын үлүштүк инструменттерин берүү милдетине ээ эмес. Тиешелүү түрдө, 43В-пунктка ылайык туунду ишкана өз кызматкерлеринен алынган кызмат көрсөтүүлөрдү үлүштүк инструменттер

менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык чагылдырууга жана өздүк капиталынын тиешелүү көбөйүшүн башкы ишканадан төгүм катары таанууга тийиш.

B54 Башкы ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерин берип, туунду ишкананын кызматкерлери менен операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү милдетине ээ. Тиешелүү түрдө, 43С-пунктка ылайык башкы ишкана өз милдетин үлүштүк инструменттер менен эсептелинүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу талаптарга ылайык чагылдырууга тийиш.

*Туунду ишкана өзүнүн кызматкерлерине өзүнүн башкы ишканасынын үлүштүк инструменттерине укук берет (B52(b)-пункт)*

B55 Туунду ишкана 43В-пункттун шарттарынын бирин да канааттандырбагандыктан, ал өзүнүн кызматкерлери менен операцияларды эсептешүүлөр акчалай жүргүзүлгөн операция катары чагылдырууга тийиш. Бул талап туунду ишкана кызматкерлердин алдында өзүнүн милдеттерин төлөө үчүн үлүштүк инструменттерди алып жатканына карабастан колдонулат.

**Кызматкерлерге акчалай төлөмдөрдү пайдалануу менен акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашуу**

B56 Үчүнчү маселе мында турат: өзүнүн берүүчүлөрүнөн (анын ичинде кызматкерлерден) товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алып жаткан ишкана ишкананын өзү өзүнүн берүүчүлөрүнө зарыл төлөмдөрдү жүргүзүү милдетине ээ болбогон учурда эсептешүү акчалай төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө макулдашууну чагылдырууга тийиш. Мисалы, башкы ишкана (бирок ишкананын өзү эмес) ишкананын кызматкерлерине зарыл төлөмдөрдү жүргүзүү милдетине ээ болгон төмөнкүдөй макулдашууларды карап көргүлө:

(a) ишкананын кызматкерлери анын үлүштүк инструменттеринин баасынын негизинде акчалай төлөмдөрдү алат;

(b) ишкананын кызматкерлери анын башкы ишканасынын үлүштүк инструменттеринин баасынын негизинде акчалай төлөмдөрдү алат.

B57 Туунду ишкана өзүнүн кызматкерлери менен операция боюнча эсептешүүнү жүргүзүү милдетине ээ эмес. Тиешелүү түрдө, туунду ишкана өзүнүн кызматкерлери менен операцияны ал боюнча эсептешүү үлүштүк инструменттер менен жүргүзүлүүчү операция катары чагылдырууга жана өзүнүн капиталынын тиешелүү көбөйүшүн өзүнүн башкы ишканасынын төгүмү катары танууга тийиш. Туунду ишкана укуктарды өткөрүп берүүнүн рыноктук эмес шарттарын сактабагандыктын натыйжасында келип чыккан өзгөртүүлөрдү эске алуу менен операциянын наркын кийинки кайра баалоону 19–21-пункттарга ылайык жүргүзүүгө тийиш. Эсепке алуунун бул тартиби ушул операцияны ал боюнча акча каражаттары менен эсептешүүлөр топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чагылдыруудан айырмаланат.

B58 Башкы ишкана кызматкерлер менен операциялар боюнча эсептешүүнү жүргүзүү милдетине ээ болгондуктан, ал эми ордун толтуруу акча каражаттары менен жүргүзүлгөндүктөн, башкы ишкана (жана бириктирилген топ) өзүнүн милдетин акчалай

төлөнүүчү акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларга карата колдонулуучу 43С-пунктка ылайык чагылдырууга тийиш.

### Кызматкерлердин топтун бир ишканасынан башкасына өтүшү

B59 Төртүнчү маселе топтун бир нече ишканаларынын кызматкерлерининин катышуусу менен акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө топтун макулдашууларына тиешелүү. Мисалы, башкы ишкана өзүнүн туунду ишканаларынын кызматкерлерине бул кызматкерлер көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде топтун ишканаларында иштеген шартта өзүнүн үлүштүк инструменттерине укуктарды бере алат. Бир туунду ишкананын кызматкери укуктарды өткөрүп берүүнүн көрсөтүлгөн мезгилинин ичинде башка туунду ишканага ишке өтө алат жана бул кызматкер акцияларга негизделген төлөмдөр жөнүндө алгачкы макулдашуунун шарттары боюнча башкы ишкананын үлүштүк инструменттерине укук алышынын мүмкүнчүлүгүнө таасир этпейт. Эгерде туунду ишканадардын акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операциялар боюнча өзүнүн кызматкерлери менен эсептешүү жүргүзүүгө милдети жок болсо, алар бул операцияны ал боюнча эсептешүүлөр үлүштүк инструменттер менен жүргүзүлүп жаткан операция катары чагылдырат. Ар бир туунду ишкана кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдү А тиркемесине ылайык башкы ишкана бул үлүштүк инструменттерге адегенде укук берген күнгө карата үлүштүк инструменттердин адилет наркына, ошондой эле анын ичинде кызматкер ар бир туунду ишканада иштеген укуктарды өткөрүп берүү мезгилинин бөлүгүнө таянуу менен баалайт.

B60 Эгерде туунду ишкана өзүнүн кызматкерлери менен операциялар боюнча эсептешүүлөрдү өзүнүн башкы ишканасынын үлүштүк инструменттери менен жүргүзүү милдетине ээ болсо, ал ушул операцияны ал боюнча эсептешүүлөр акча каражаттары менен жүргүзүлүүчү операция катары чагылдырат. Ар бир туунду ишкана үлүштүк инструменттердин адилет наркынын негизинде алынган кызмат көрсөтүүлөрдү кызматкер ар бир туунду ишканага кызмат көрсөткөн укуктарды өткөрүп берүү мезгилинде алар берилген күнгө карата баалайт. Мындан тышкары, ар бир туунду ишкана кызматкер ар бир туунду ишканага кызмат көрсөткөн мезгилдин ичинде үлүштүк инструменттердин адилет наркынын ар кандай өзгөрүүсүн тааныйт.

B61 Мындай кызматкер топтун бир ишканасынан башкасына өткөндөн кийин А тиркемесиндеги аныктамага ылайык рыноктук шарттар болуп саналбаган укуктарды өткөрүп берүү шарттарын аткарбай коюшу мүмкүн, мисалы, кызматкер кызмат көрсөтүүнүн каралган мезгили аяктаганга чейин топтон кетет. Бул учурда, кызматкер тиешелүү топко кызмат көрсөтүүсү укуктарды өткөрүп берүү шарты болуп саналгандыктан, ар бир туунду ишкана 19-пунктта баяндалган принциптерге ылайык кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан мурда таанылган сумманы ондоп-түзөөгө тийиш. Тиешелүү түрдө, эгерде кызматкер башкы ишкана тарабынан берилүүчү үлүштүк инструменттерге укукту бул кызматкер укуктарды өткөрүп берүү рыноктук эмес шартын канааттандырбагандыгынын себептери боюнча албаса, жыйындысында топтун бир да ишканасынын финансылык отчеттуулугунда эч нерсе бул кызматкерден алынган кызмат көрсөтүүлөр жагынан таанылбайт.